*Manap kyzy Kanzada*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master student, Osh State University*

---

**Эртабылды кызы Нурпери**
*Эртабылды кызы Нурпери*
*Ertabyldy kyzy Nurperi*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master student, Osh State University*

---

**Абдыкааров Абдиманнап Момунович**
*Абдыкааров Абдиманнап Момунович*
*Abdykaarov Abdimannap Momunovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University*

**Абжамилов Сапарбай Ташматович**
*Абжамилов Сапарбай Ташматович*
*Abzhamilov Saparbai Tashmatovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University*

**Атабеков Усөн Аданович**
*Атабеков Усөн Аданович*
*Atabekov Uson Adanovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University*

# АДЫР-ТАЛААЛАР БИОТОБУН БАЙЫРЛАГАН ТАРАНЧЫ СЫМАЛ (PASSERIFORMES) КАНАТТУУЛАР

**Аннотация**

Макалада, адамзаттын өнүгүү тенденциясынын натыйжасында урбанизация процессинин үстөмдүүлүк кылып бараткан учурундагы орнитофауналык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары иликтенген. Кыргызстандын түштүк аймагындагы урбанизацияланган экосистемаларынын адыр-талаалар биотобун байырлаган таранчы сымал (Passeriformes) канаттуулары изилденген. Натыйжада, изилденген биотопту байырлаган таранчы сымал канаттуулардын түрдүк курамы, абсолюттук сандык көрсөткүчтөрү, доминант жана субдоминаттык абалдарды ээлеген түрлөрү эсептелген жана жыйынтык чыгарылган. Ошондой эле, изилденген объектилердин жыл мезгилдериндеги түрлөрүнүн сандык жыштыктары, келип-кетүү мүнөздөрү, экологиялык топтору жана орнитофауналык калыптануусу изилденген. Изилденген биотопто таранчы сымал канаттуулардын 50 түрү аныкталган. Сандык көрсөткүчтөрү боюнча: доминанттык абалды - майна (13,47%), субдоминанттык абалды- ала дуңга мукуру (7,43%); ала карга (6,79%); чөкө таан (6,65%); молдо торгой (5,99%) түрлөрү ээледи.

***Ачкыч сөздөр:*** таранчы сымалдар, биотоп, адыр-талаалар, урбанизация, ландшафт, экосистема, орнитофауна.

## *ВОРОБЬИНООБРАЗНЫЕ ПТИЦЫ (PASSERIFORMES) ОБИТАЮЩИЕ БИОТОП ХОЛМИСТЫХ-СТЕПНЫХ ТЕРРИТОРИЙ*

**Аннотация**

В статье даны результаты орнитофаунистических исследований в период, когда процесс урбанизации становится доминирующим в результате тенденции развития человечества. Изучены воробьинообразные (Passeriformes) птицы обитающие биотоп холмистых-степных территорий южного Кыргызстана. В результате рассчитан видовой состав воробьинообразных птиц населяющих изучаемый биотоп, их абсолютная численность, а также виды, занимающие доминантные и субдоминантные позиции, и сделаны выводы. Также, изучена плотность населения видов изучаемых объектов по сезонам, характер пребывании, экологические группы и орнитофаунистические формирование фауны. В изученном биотопе выявлено 50 видов ворбьинообразных птиц. По плотности населения: доминантом является-майна (13,47%), субдоминантое положения занимались-снежный вьюрок (7,43%); серая ворона (6,79%); галка (6,65%); хохлатый жаворонок (5,99%).

***Ключевые слова:*** воробьинообразные птицы, биотоп, холмы, степи, урбанизация, ландшафт, экосистема, орнитофауна.

## *PASSERINE BIRDS (PASSERIFORMES) INHABITING THE HILL AND STEPPE BIOTOPE*

**Abstract**

The article presents the results of avifaunistic studies during a period when the process of urbanization becomes dominant as a result of the trend of human development. Passerine birds (Passeriformes) inhabiting the biotope of hilly-steppe territories of southern Kyrgyzstan were studied. As a result, the species composition of passerine birds inhabiting the studies biotope, their absolute numbers, as well as species occupying dominant and subdominant position were calculated, and conclusions were drawn. Also, the population density of the species of the studies objects by season, the nature of their stay, ecological groups and avifaunistic formation of the fauna were studied. In the studies biotope, 50 species of passerine birds were identified. By population density: the dominant position is the-Acridotheres tristis (13,47%), the subdominant position is occupied by the-Montifringilla nivalis (7,43%); Corvus cornix (6,79%); Corvus monedula (6,65%); Galerida cristata (5,99%).

***Keywords:*** passerine birds, biotope, hills, steppes, urbanization, landscape, ecosystem, avifauna.

**Киришүү**

Адамзаттын өнүгүү тенденциясынын натыйжасында урбанизация процесси үстөмдүүлүк кылуу менен жаратылыштык ландшафттарды артка кайткыс өзгөрүүгө алып келүүдө. Андыктан, урбанизацияланган аймактардагы экосистемалардын калыптануусун, туруктуулугун жана кызматын окуп үйрөнүү учурдагы экологиялык изилдөөлөрдүн актуалдуу багыттарынын бири. Теориялык жана колдонмо аспектиде алып караганда, орнитофауналык изилдөөлөр маанилүү кызыкчылыкка ээ. Анткени, салыштырмалуу биологиялык көптүрдүүлүккө ээ болгон канаттуулар омурткалуу жаныбарлардын негизги компоненти болуп саналып, шаардык чөйрө үчүн маанилүү жандуу индикатор катары кызмат аткарышат. Шаарлар – салыштырмалуу жаңы чөйрө болуп эсептелип, жаныбарлар үчүн өзүнүн бардык параметрлери боюнча өзгөчөлүккө ээ. Шаардык чөйрө жаныбарлардын ар бир түрү үчүн эволюциялык жактан жаңы жана өзгөчө жашоо чөйрөсү, себеби алар планетабызда шаарлар курулуп баштагандан бир топ мурунку мезгилде пайда болуп, белгилүү табигый экосистемаларды байырлап келишкен. Шаар экосистемасынын жана анын биотопикалык структурасынын өзгөчөлүгү – табигый ландшафттарга аралык жана өтмө зоналар аркылуу байланышып турган жаңы гана калыптанып жаткан экотоналдык экологияга тиешелүү экотондордон тургандыгында [1, 5]. Мына ушуга байланыштуу, адамзаттын шаардык жаратылыш менен болгон карым-катнашы, шаардык фаунаны экологиялык изилдөөлөрү практикалык жактан маанилүү болуп, орнитологиялык изилдөөнүн актуалдуулугуна ээ. Азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын аймагындагы урбанизацияланган экосистемалардын авифаунасын изилдөө бир топ зоолог окумуштуулар тарабынан жүргүзүлүп келген [2, 12, 13, 14, 16].

*Изилдөөнүн максаты.* Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларындагы адыр-талаалар биотобун байырлаган таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын түрдүк курамын, жыл мезгилдери боюнча сандык жыштыктарын, келип-кетүү мүнөздөрүн, орнитофауналык калыптануусун жана экологиялык топторун изилдөө.

*Изилдөөнүн милдеттери:*

1. адыр-талаалар биотобун байырлаган таранчы сымал канаттуулардын түрдүк курамын инвентаризациялоо;
2. жыл мезгилдери боюнча сандык жыштыктарын аныктоо;
3. таранчы сымалдуулардын (*Passeriformes*) келип-кетүү мүнөздөрүн, орнитофауналык калыптануусун жана экологиялык топторун изилдөө.

**Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар жана изилдөө ыкмалары**

Изилдөө иштери түз сызыктык трансекта методу, сандык көрсөткүчтөрү маршруттук учет менен стационардык абалда жүргүзүлгөн. Учет учурунда, түз сызыктуу трансекталардын аралыгы 4-9 *км*, маршруттун эки тарабы 100 *м* (50 *м* оң, 50 *м* сол тараптан) алынган. Түрдүк курамын аныктоо бир нече аныктагычтардын жардамында жүргүзүлдү [3, 4, 7]. Сандык учет дүрбүнүн (Tasko, 20x50mm) жардамы менен визуалдык жана сайраган үндөрүн угуу менен эсептелди.

Статистикалык эсептөөлөр «Statist», «Стат-обработка» программаларынын жардамында, төмөнкү формулаларды колдонуу менен жүргүзүлгөн:

Сандык жыштыгы (*особ/км²*) төмөнкү формула менен эсептелди [9]: $\mathbf{M} = \frac{\mathbf{m}}{\mathbf{L} * \mathbf{2d}}$

Мында: M – түрдүн жыштыгы (*особ/км²*);

m – учет убагында эсептелген особдордун саны;

L – маршруттун узундугу (*км*);

2d – маршруттун оң, сол жагындагы аралык (50*м* х 50*м*).

Илимий макаланын материалдары, 2022-2024-жылдары авторлор тарабынан 112 жөө маршруттук учеттордо, узундугу 560 *км* ди түзгөн аралыкта жыйналган.

Шаар экосистемасынын ички структурасы - топурагы, климаты, антропогендик нокстар, өсүмдүктөрү жана башка тамактык базалардан түзүлгөн биотоптору бири-биринен кескин айырмаланып, өзүнүн биотоптук мүнөзүнө туура келген зооценоздордон турат. Анын ички түзүлүшү: борбордук бөлүк (көп кабаттуу үйлөр, бир-эки кабаттуу турак жайлар, парктар, скверлер, тигилген бак-дарактуу тосмолор, дарыялардын, каналдардын жээктери); таштанды аянттары; айыл-чарба аянттары; адырлуу-талаалар чек араларына жана мозаикалык жашоо чөйрөлөрүнө бөлүнөт.

Урбанизациялаган экосистемалардагы таранчы сымал канаттууларды изилдөөлөр Ош, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя шаарларынын адыр-талаалар биотопторунда жүргүзүлдү. Анткени, бул шаарлар 3 административдик областтын аймагынан орун алып, тоо этегиндеги бийиктик алкагы, деңиз деңгээлинен бийиктиги, климаты, физикалык-географиялык өзгөчөлүктөрү, биотоптук структурасы боюнча окшош.

Урбанизацияланган экосистемалардын адыр-талаалар биотобун байырлаган таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын биологиялык, экологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөлөр илимий комплекстик мүнөздө аткарылган.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Жер шарынын башка аймактарындай эле түштүк Кыргызстанда урбанизация процесси ыкчам жүрүп, жаңы шаарлар пайда болууда. Шаар экосистемасы - үчүнчүлүк экосистема болуп эсептелет, анткени, мурдагы биринчилик экосистема болгон табигый талаалар жана адырлар, кийинчерээк экинчилик экосистема болуп өздөштүрүлгөн - айыл-чарба аянттарына айланган. Ал аянттарга курулган шаарлар үчүнчүлүк экосистеманы пайда кылды [8]. Бүгүнкү күндө өзгөрүлгөн шаарлар экосистемасындагы биокөптүрдүүлүктү коргоо, илимий негизде туура жолго багыттоо учурдун талабы. Бул көйгөйлөрдү чечүү, үйрөнүү багытында биз объект катары биологиялык көп түрдүүлүккө ээ болгон жана кеңири таркалган таранчы сымалдуулар (*Passeriformes*) түркүмүн алдык. Биосферадагы 9 миңге жакын канаттуулардын түрлөрүнүн ичинен таранчы сымалдуулар 5 120 түрүн (63% дан ашык) түзүшөт [6]. Акыркы илимий маалыматтар боюнча Кыргызстанда канаттуулардын 390 түрү кездешсе, анын 183 түрү (46,9%) таранчы сымалдуулар [11]. Таранчы сымалдуулардын мындай көп түрдүүлүгү, Жер шарындагы кургактык экосистемаларда эң орчундуу мааниге ээ болуп, экосистемадагы

заттарды жана энергияны трансформациялоодогу мааниси эбегейсиз чоң экендигин айгинелейт [10].

Шаарлардын чек арасы айыл-чарба аянттары менен бирге адырлар, талаалар менен курчалып турат. Биз изилдеген шаарлардын ичинен Таш-Көмүр жана Кызыл-Кыя шаарлары негизинен адырлар биотоптору менен курчалган. Ал эми, Ош жана Жалал-Абад шаарларынын чек аралары көбүнчө талаалар менен чектелген. Адырлар, талаалар биотоптору негизинен өзгөрүлгөн биотопторго кирет. Бул аймактар адам баласы тарабынан көбүнчө эрте жазда жайыт катары пайдаланылат. Биотопто таранчы сымал канаттуулардын 50 түрү аныкталды (1-таблица). Адыр-талаалардагы зооценоздордун жашоо чөйрө-шарттары табигый экосистемаларга бир топ жакын. Андыктан, таранчы сымалдуулардын особдорунун саны табигый экосистемалардай эле, экологиялык тең салмактуулукту сактаган мыйзам ченемдүүлүккө ээ.

**Таблица 1.** Адыр-талаалар биотобун байырлаган таранчы сымалдуулардын (*Passeriformes*) түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү.

| № | Түрлөрү | Саны | % |
|---|---|---|---|
| 1. | Жар чабалекей | 136 | 1,25±0,11 |
| 2. | Кыштак чабалекейи | 260 | 2,39±0,15 |
| 3. | Сары бел чабалекей | 383 | 3,52±0,18 |
| 4. | Шаар чабалекейи | 214 | 1,97±0,13 |
| 5. | Молдо торгой | 651 | 5,99±0,23 |
| 6. | Чоң талаа торгою | 355 | 3,26±0,17 |
| 7. | Чабындык торгой | 257 | 2,36±0,15 |
| 8. | Ричарддын элсанары | 36 | 0,33±0,06 |
| 9. | Эрсынаар | 58 | 0,53±0,07 |
| 10. | Сары жылкычы кучкач | 22 | 0,20±0,04 |
| 11. | Сары башыл жылкычы кучкач | 66 | 0,61±0,07 |
| 12. | Жылкычы кучкач | 258 | 2,37±0,15 |
| 13. | Кашгар борбашы | 19 | 0,17±0,04 |
| 14. | Узун куйрук борбаш | 19 | 0,17±0,04 |
| 15. | Карала борбаш | 56 | 0,51±0,07 |
| 16. | Кара чыйырчык | 304 | 2,80±0,16 |
| 17. | Ала чыйырчык | 252 | 2,32±0,14 |
| 18. | Майна | 1 465 | 13,47±0,33 |
| 19. | Сагызган | 349 | 3,21±0,17 |
| 20. | Сары тумшук чөкө таан | 116 | 1,07±0,10 |
| 21. | Чөкө таан | 723 | 6,65±0,24 |
| 22. | Чаар карга | 393 | 3,61±0,18 |
| 23. | Кара карга | 245 | 2,25±0,14 |
| 24. | Ала карга | 738 | 6,79±0,24 |
| 25. | Кузгун | 417 | 3,83±0,18 |
| 26. | Көк шалкы | 31 | 0,29±0,05 |
| 27. | Көк чакчыгай | 46 | 0,42±0,06 |
| 28. | Кашка чакчыгай | 63 | 0,58±0,07 |
| 29. | Чакчыгай | 49 | 0,45±0,06 |
| 30. | Карала кыш куйрук | 2 | 0,02±0,01 |
| 31. | Кызыл куйрук | 3 | 0,03±0,02 |
| 32. | Кызыл боор кыш куйрук | 60 | 0,55±0,07 |
| 33. | Таң чымчык | 7 | 0,06±0,02 |
| 34. | Кара тамак таркылдак | 60 | 0,55±0,07 |
| 35. | Кара таркылдак | 54 | 0,50±0,07 |
| 36. | Чаар таркылдак | 48 | 0,44±0,06 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 37. | Сай сагызган | 27 | 0,25±0,05 |
| 38. | Сарай таранчысы | 478 | 4,40±0,20 |
| 39. | Талаа таранчысы | 496 | 4,56±0,20 |
| 40. | Таш таранчы | 219 | 2,01±0,13 |
| 41. | Ала дуңка мукуру | 808 | 7,43±0,25 |
| 42. | Токой таранчысы | 99 | 0,91±0,09 |
| 43. | Токой кара таранчысы | 14 | 0,13±0,03 |
| 44. | Кадимки сары канат | 44 | 0,40±0,06 |
| 45. | Сава чымчык | 51 | 0,47±0,07 |
| 46. | Кадимки кендирчи | 73 | 0,67±0,08 |
| 47. | Гималай мукуру | 71 | 0,65±0,08 |
| 48. | Чоң думбул | 223 | 2,05±0,14 |
| 49. | Кадимки чыйпылдак | 53 | 0,49±0,07 |
| 50. | Куркулдай думбул | 3 | 0,03±0,02 |
| Баары: | | 10 893 | 100,00 |

1-таблицада берилгендей, бул биотопто доминанттык абалды майна (13,47%), субдоминантык абалдарды 4 түр: ала дуңга мукуру (7,43%); ала карга (6,79%); чөкө таан (6,65%); молдо торгой (5,99%) ээледи. Доминант, субдоминанттардын ортосундагы Стьюденттин критерийи $t$ = 2,78 (p>0,05); $t$ = 1,57 (p>0,05); $t$ = 2,23 (p>0,05), субдоминант түрлөрдө: $t$ = 2,75 (p<0,01); $t$ = 2,81 (p<0,01); $t$ = 2,77 (p<0,01); $t$ = 2,86 (p<0,01). Фондук түрлөр: талаа таранчысы (4,56%); сарай таранчысы (4,40%); кузгун (3,83%); чаар карга (3,61%); сары бел чабалекей (3,52%); чоң талаа торгоюу (3,26%); сагызган (3,21%); кара чыйырчык (2,80%); кыштак чабалекейи (2,39%); жылкычы кучкач (2,37%); чабындык торгой (2,36%); ала чыйырчык (2,32%); кара карга (2,25%); чоң думбул (2,05%); таш таранчы (2,01%); шаар чабалекейи (1,97%); жар чабалекей (1,25%); сары тумшук чөкө таан (1,07%).

Бул адырлар, талаалар биотопторун таранчы сымалдуулардын кээ бир түрлөрү уялап, көбөйүүчү чөйрө катары пайдаланышат. Кээ бир түрлөрү шаардын борбордук бөлүгүнөн курт-кумурскалар менен тамактануу үчүн талаа, адырларга миграцияланышат. Канаттуулар учуу жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу бир биотопто такыр байланып жашашпайт. Алар, шаардын башка биотопторуна, кээде бир нече чакырым аралыктарга миграцияланганд ыктан, түрлөрүн бир биотопко толук түрдө таандык кылып кароо мүмкүн эмес. Андан сырткары, ар түрдүү категорияларга (келгин, кыштоочу, уялоочу, отурукташкан, визитер) ээ болгондуктан, шаардык экосистемада бир биотопко таандык кылуу өтө этияттыкты талап кылат. Биз изилдөөлөрдө, таранчы сымалдуулардын шаар экосистемасындагы биотоптордо кездешкенин, уялоосун, тамактанышын жана башка тиричилик аракеттерин жүргүзүп жаткан учуру учетко алынып, аныкталып жогорудагы аталган биотопторду жашоо шарт түрүндө (уялоо, тамактануу, көбөйүү ж.б.) пайдалана тургандыгын далилдедик.

Адыр-талаалар биотобу жарым өзгөрүлгөн антропогендик факторлор басымдуулук кылган шаарлардын чек арасы. Бул биотопту байырлаган таранчы сымалдуулардын мезгилдик бөлүнүштөрү: кышта - 30 түр (35,7%); жазда жана күздө - 32 түр (38,1%); жайда - 27 түрлөр (32,1%) кездешти (1-сүрөт).




**Сүрөт-1.** Адыр-талаалар биотобунда таранчы (*Passeriformes*) сымалдуулардын түрлөрүнүн мезгилдер боюнча бөлүнүштөрү.

*Кыш мезгилинде* доминанттык абалды ала дуңга мукуру (*M.nivalis*) ээлеп, 21,1% ды түзүп, 1 км$^2$ аянттагы сан жыштыгы 63,85±2,34 особ болду.

Ал эми, субдоминанттык түр болуп ала карга (*C.cornix*) эсептелип, 14,2% жана сан жыштыгы 1 км$^2$ аянтта 43,08±2,01 особду түздү. Сандык көрсөткүчтөрү жогору түрлөрдү: майна (*A.tristis*) 27,54±1,65; молдо торгой (*G.cristata*) 19,38±1,41; чоң талаа торгою (*M.calandra*) 14,62±1,23; кузгун (*C.corax*) 13,23±1,17; чөкө таан (*C.monedula*) 12,46±1,14; чаар карга (*C.frugilegus*) 12,15±1,13; чоң думбул (*E.calandra*) 12,00±1,12; кара карга (*C.corone*) 11,38±1,09; сагызган (*P.pica*) 9,54±1,00; кадимки кендирчи (*A.cannabina*) 6,62±0,84; кызыл боор кыш куйрук (*Ph.erythrogaster*) 5,38±0,76; таш таранчы (*P.petronia*) 5,23±0,75; кара таркылдак (*T.merula*) 4,92±0,73; гималай мукуру (*L.nemoricola*) 4,77±0,72; сава чымчык (*C.caniceps*) 4,62±0,70; кара тамак таркылдак (*T.atrogularis*) 4,46±0,69; чаар таркылак (*T.viscivorus*) жана кадимки сары канат (*C.carduelis*) 4,00±0,66 түздү.

Ал эми, субдоминанттык түр болуп ала карга (*C.cornix*) эсептелип, 14,2% жана сан жыштыгы 1 км$^2$ аянтта 43,08±2,01 особду түздү. Сандык көрсөткүчтөрү жогору түрлөрдү: майна (*A.tristis*) 27,54±1,65; молдо торгой (*G.cristata*) 19,38±1,41; чоң талаа торгою (*M.calandra*) 14,62±1,23; кузгун (*C.corax*) 13,23±1,17; чөкө таан (*C.monedula*) 12,46±1,14; чаар карга (*C.frugilegus*) 12,15±1,13; чоң думбул (*E.calandra*) 12,00±1,12; кара карга (*C.corone*) 11,38±1,09; сагызган (*P.pica*) 9,54±1,00; кадимки кендирчи (*A.cannabina*) 6,62±0,84; кызыл боор кыш куйрук (*Ph.erythrogaster*) 5,38±0,76; таш таранчы (*P.petronia*) 5,23±0,75; кара таркылдак (*T.merula*) 4,92±0,73; гималай мукуру (*L.nemoricola*) 4,77±0,72; сава чымчык (*C.caniceps*) 4,62±0,70; кара тамак таркылдак (*T.atrogularis*) 4,46±0,69; чаар таркылак (*T.viscivorus*) жана кадимки сары канат (*C.carduelis*) 4,00±0,66 түздү.

*Жаз мезгилинде* доминант майна (17,8%), сан жыштыгы 1 км$^2$ аянтта 52,06±2,24 особ, субдоминант кузгун (8,5%) жана чөкө таан (7,5%) сан жыштыгы - 24,71±1,63 жана 21,76±1,54 особ. Санынын жыштыктары жогору түрлөргө: ала карга (*C.cornix*) - 21,47±1,53; сары бел чабалекей (*H.daurica*) - 18,53±1,43; жылкычы кучкач (*M.personata*) - 17,35±1,38; талаа таранчысы (*P.montanus*) - 17,1±1,4; кара чыйырчык (*S.vulgaris*) - 15,99±1,3; молдо торгой (*G.cristata*) - 14,1±1,2; сагызган (*P.pica*) - 12,06±1,2; таш таранчы (*P.petronia*) - 10,88±1,11; жар

чабалекейи (*R.riparia*) - 9,41±1,03; көк чакчыгай (*O.oenanthe*) - 7,94±0,95; ала дуңга мукуру (*M.nivalis*) - 6,47±0,86; чакчыгай (*O.isabellina*) - 5,59±0,80; чабындык торгой (*A.arvensis*) - 5,29±0,78; кашка чакчыгай (*O.pleschanka*) - 4,71±0,74; шаар чабалекейи (*D.urbica*) - 4,71±0,74 особдорго туура келишет.

*Жай мезгилинде* доминанттык абалды майна (17,0%) ээлеп, сандык жыштыгы 1 $км^2$ аянтта 42,63±2,37 особ, субдоминанттык орунду сарай таранчысы (12,5%) алып, сан жыштыгы 31,38±2,09 особ болду. Жогорку сан жыштыгына ээ болгон түрлөргө: ала чыйырчык (*S.roseus*) - 18,50±1,65; сары бел чабалекей (*H.daurica*) - 18,38±1,65; талаа таранчысы (*P.montanus*) - 17,88±1,63; кыштак чабалекейи (*H.rustica*) - 14,00±1,45; шаар чабалекейи (*D.urbica*) - 13,75±1,44; чөкө таан (*C.monedula*) - 13,13±1,41; чабындык торгой (*A.arvensis*) - 13,00±1,14; молдо торгой (*G.cristata*) - 9,75±1,22; чоң талаа торгою (*M.calandra*) жана жылкычы кучкач (*M.personata*) - 8,38±1,14; сагызган (*P.pica*) - 7,13±1,05; жар чабалекейи (*R.riparia*) - 5,13±0,89; таш таранчы (*P.petronia*) - 4,00±0,79; сары башыл жылкычы кучкач (*M.citreola*) - 3,88±0,78 особдору туура келди.

*Күз мезгилинде* доминанттык түрлөргө: чөкө таан (11,5%), майна (11,5%), чаар карга (10,7%) жана молдо торгой (9,2%) канаттуулары эсептелип, сандык жыштыктары 1 $км^2$ аянтта тиешелүү түрдө: 29,46±2,0; 27,14±1,93 жана 23,39±1,81 особдорун түздү. Ал эми, жогорку сандык жыштыкка: кара чыйырчык (*S.vulgaris*) - 17,50±1,59; талаа таранчысы (*P.montanus*) - 16,25±1,53; ала карга (*C.cornix*) - 14,46±1,45; кузгун (*C.corax*) - 13,39±1,4; чоң думбул (*E.calandra*) жана кара карга (*C.corone*) - 9,46±1,19; чоң талаа торгою (*M.calandra*) - 6,61±1,0; кыштак чабалекейи (*H.rustica*) жана ала дуңга мукуру (*M.nivalis*) - 6,43±0,98; сарай (*P.domesticus*) жана таш таранчы (*P.petronia*) - 4,64±0,84 особдору туура келди. Биотопто отурукташкан таранчы сымалдуулардын саны - 12 түрдү түздү.

*Таранчы сымалдуулардын келип-кетүү категориялары.* Изилдөөлөр көрсөткөндөй шаар экосистемасындагы таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын биологиялык көп түрдүүлүгү бир топ жогору. Башка табигый экосистемалардагы канаттуулардай эле, урбанизацияланган аймактардагы таранчы сымалдуулар шаар экосистемасы биотопторунда ар түрдүү болуу мүнөздөрүнө ээ.

Орнитология илиминде төмөндөгүдөй келип-кетүү категориялары иштелип чыккан: *уялап көбөйүүчү (B); кыштоочу (W); келгиндер, же мигрант (M); кокустан учуп келе калган, же визитер (V) жана отурукташкан (BW).* Урбанизацияланган экосистемалардагы таранчы сымал канаттуулар дагы, жогоруда аталган авифауналык келип-кетүү категорияларына кирген канаттуулардын эсебинен куралган. Шаар экосистемасындагы таранчы сымал канаттуулардын авифауналык калыптануусу алардын келип-кетүү категорияларына байланыштуу.

*Таранчы сымалдуулардын фауналык калыптануусу.* Бир нече жылдар мурда азыркы шаарлар жайгашкан аймактар - табигый ландшафттар болгон. Ал ландшафттар, урбанизация процессинин натыйжасында шаар экосистемасы болуп түзүлүп, өзүнчө биотикалык топтордун жашоо чөйрөсү болуп калыптанган [15].

Кайсыл гана табигый же, жасалма экосистема болбосун орнитофаунанын калыптанышы ар түрдүү мүнөздөргө ээ. Таранчы сымалдуулардын шаар экосистемасындагы фауналык калыптануусу - табигый экосистемалардагыдай эле, ар түрдүү келип-кетүү категорияларына жана ар түрдүү экологиялык топторуна (урбофил, денрофил, склерофил, лимнофил, кампофил) түздөн-түз байланыштуу болот. Башкача айтканда, ар түрдүү келип-кетүү категорияларына жана экологиялык топторуна кирген канаттуулардын түрдүк курамынын эсебинен орнитофауна куралат.

Бүгүнкү күндө шаарлар, урбанизацияланган экосистема катары жандуу (тирүү организмдер) жана жансыз заттардан (чөйрөлөр, шарттар) турган өзүнчө экосистемалык кызмат аткарып жаткан (биологиялык зат айланууну ишке ашыруу жана энергияны багыттоо) экологиялык система катары эсептелет.

Урбанизацияланган экосистемаларда, канаттуулардын фауналык калыптануусуна таранчы сымалдуулардын мезгилдик бөлүнүштөрү дагы көз каранды.

Шаар экосистемасында кездешкен таранчы сымалдуулардын биологиялык көп түрдүүлүгү салыштырмалуу жогору болгондуктан «чөйрө түзгүч» функциясын аткарууда орду чоң. Кээ бир гана түрлөрдү эсепке албаганда (ала чыйырчык, майна, талаа таранчысы сыяктуу зыян келтирген түрлөрү), шаар экосистемасынын экологиялык тең салмактуулугун сактоо максатында канаттууларды шаарларда байырлатуу, аларды коргоо маселелери актуалдуу болуп эсептелет. Ошондуктан, изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча: шаарлардагы турак-жайларды, завод-фабрика жана башка өнөр жайларды, жолдорду курууда шаарларды жашылдандыруу пландарын жакшылап иштеп чыгуу керек. Шаарлардын инфраструктураларын өнүктүрүүдө, канаттуулардын жана башка жаныбарлардын түрлөрүнүн жагымдуу жашоо шартын камсыз кылуу максатында, урбанизациялануу иштерин пландуу түрдө жүргүзүү зарыл.

Шаарлардагы канаттуулардын түрдүк курамын жана санын жөнгө салуу үчүн шаар орнитофаунасын инвентаризациялоо зарылчылыгы келип чыгат. Бирок, биздин өлкөнүн көптөгөн шаарларында орнитологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Ошондуктан, акыркы мезгилдерде айлана-чөйрөдөгү табигый экосистемаларды жана антропогендик объектилерди гармониялуу айкалыштыруу максатында антропогендик ландшафттарды оптималдаштыруу маселелерине көбүрөөк көңүл буруу мезгил талабы.

Шаардык фауна – адам баласынын санитардык жана эмоционалдык чөйрөсү болуп саналып, ал жерде жаныбарларды байырлатууга карама-каршы келген терс көрүнүштөр өтө аз өлчөмдө болушу шарт. Шаардыктардын айланасындагы «зоологиялык курчоо» менен үндөш карым-катнашта жашашы өтө татаал процесс. Кайсыл гана шаар болбосун анын аймагын байырлаган жапайы жана синантроптук жаныбарлары - шаардын санитардык-гигиеналык абалын, калктын жашоо абалынын сапатын, айлана-чөйрөгө болгон карым-катнашынын маданиятын аныктап турат. Шаардык фаунаны анализдөө менен андагы абанын, суунун, топурактын булганышы канчалык деңгээлде тирүү организмдерге терс таасир этип жаткандыгы жана шаардын экологиялык абалы тууралуу обьективдүү маалыматтарды алууга болот.

**Корутунду**

1. Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларын байырлаган зооценоздорду изилдөө учурдун актуалдуу маселеси.
2. Урбанизацияланган экосистемалардын адыр-талаалар биотобунда таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын 50 түрү кездешкендиги аныкталды.
3. Изилденген биотопто особдорунун саны боюнча доминанттык абалды майна (13,47%), субдоминантык абалдарды 4 түр: ала дуңга мукуру (7,43%); ала карга (6,79%); чөкө таан (6,65%); молдо торгой (5,99%) ээледи.
4. Аталган биотопту байырлаган таранчы сымалдуулардын мезгилдик бөлүнүштөрү: кышта - 30 түр (35,7%); жазда жана күздө - 32 түр (38,1%); жайда - 27 түрлөргө (32,1%) ээ экендиги далилденди.
5. Таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын адыр-талаалар биотобуна байыр алышы, алардын келип-кетүү категорияларына, мезгилдик миграциясына, азыгынын молдуулугуна жана мүнөзүнө, уя салуучу жайлардын болушуна, «тынчыздандыруучу факторлорго» көз каранды болуп, курчап турган айыл-чарба, адырлар, талаалар, силви- , петриколдук ландшафттардан келген түрлөрдөн түзүлгөндүгү далилденди. Экологиялык группалары боюнча канаттуулардын 16 түрү - урбофилдер, 21 түрү - урбофобдор (дендрофилдер, склерофилдер, лимнофилдер, кампофилдер) экендиги тастыкталды.

**Практикалык сунуш.** Урбанизацияланган экосистемалар табигый экосистемалардан айлана-чөйрөнүн туруксуз болгондугу менен айырмаланышат. Таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын түрдүк курамы, сандык көрсөткүчтөрү адам баласынын иш-аракети менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан, таранчы сымал канаттуулардын сандык жыштыгы төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ болгон пайдалуу түрлөрүн жана сандык жыштыгы жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон массалык түрдө кездешүүчү синантроптук түрлөрүнүн санын жөнгө салуу боюнча илимий жактан негизделген методдорду иштеп чыгуу зарыл.

Айыл чарбасына зыян алып келүүчү синантроптук канаттуулардын санын жөнгө салууну илимий негизде иштелип чыккан методдор менен жүзөгө ашыруу керек. Алардын катарына акустикалык, оптикалык үн жаздыргычтын жардамында жазылып алынган коркунучтуу үндөрдү күчөтүп берүүчү, айланып туруучу айнек жана күзгүдөн жасалган каражаттарды, куралданган мергенчинин, көлөмдүү жырткыч канаттуунун келбетин, биорепеленттерди (үйрөтүлгөн ылаачын, карчыга куш жана иттер), химиялык репеленттерди (альфа-хлоралоз, 4-амнопиридин, полибутилен, фентион, эдрин ж.б.) пайдалануу ыңгайлуу.

Массалык түрдө кездешкен синантроптук канаттуулардын санын жөнгө салуу үчүн шаарлардын санитардык-экологиялык абалын оңдоо, уя салуу үчүн ыңгайлуу болгон тамбашындагы жылчыктарды, имараттардын дубалдарынын ортосундагы жылчыктарды, жол боюндагы сым карагайларда илинген ачык калган жарык кылуучу лампаларды тосуу жана шаарлардын четтериндеги көп аянтты ээлеген таштанды аянттарын азайтуу зарыл.

Ал эми, таранчы сымалдуулардын пайдалуу түрлөрүн коргоо жана кызыктырып тартуу үчүн бузулган кургактык жана суу экосистемаларын калыбына келтирүү зарыл. Ал үчүн:

1. канаттуулар уя салууга ыңгайлуу болгон дарак, бадал өсүмдүктөрү өскөн токой тилкелерин көбөйтүү;
2. өзгөчө коргоого алынган аймактардын аянттарын кеңейтүү;
3. канаттууларды коргоо боюнча узак мөөнөттөгү максаттуу иш-чараларды иштеп чыгуу;
4. Кызыл китепке киргизиле турган түрлөрдүн санын чектебөө;
5. туруктуу өнүгүү, биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо багытында коомчулуктун ар кандай катмарларынын экологиялык аң-сезимдерин, тарбия, билимдерин жогорулатуу максатында натыйжалуу жана тынымсыз иш жүргүзүү зарыл.

**Адабияттар**


1. Blümel H, Blümel R. Wirbeltiere als Opfer des Strassenverkehrs. Abh. Ber. Naturkundemus. Görlitz 54, 1980. – P. 19-24.
2. Абдыкаaров А.М. Птицы города Ош и его окрестностей [Текст]: автореф. канд. биол. наук: 03.00.08 / А.М.Абдыкаaров. –Бишкек, 2005. –25 с.
3. Второв П.П. Определитель птиц фауны СССР [Текст]: Пособие для учителей / П.П.Второв, Н.Н.Дроздов. – М.: Просвещение, 1980. – 256 с. ил.
4. Йост ван дер Вен Птицы Киригизии, 2002. Определитель позвоночных животных СССР. Часть 2.
5. Клаустнитцер Б. Экология городской фауны [Текст] / Б.Клауснитцер. – М.: Мир, 1990. – 246 с.
6. Константинов, В.М. Зоология позвоночных. [Текст]: учебник для студ. биологич. фак. педвузов / В.М.Константинов, Н.П.Наумов, С.П.Шаталова – М.: Академия, 2000. – 496 с.
7. Кузнецов Б.Б. Определитель позвоночных животных СССР. Часть 2. 1974.
8. Кулназаров Б.К. Научные проблемы экологии и охраны природы [Текст] / Б.К.Кулназаров // Вестник ОшГУ. №3. Серия естественных наук. – Ош, 2009. – С. 57-59.
9. Наумов, Р.Л Методика абсолютного учета птиц в гнездовой период на маршрутах [Текст]: Зоол. журнал: №1 / Р.Л. Наумов. –М.: 1965. –С. 81-92.
10. Преображенская Е.С. Экология воробьиных птиц Приветлужья [Текст]: / Е.С.Преображенская. – М.: 1998. КМК Scientific Press Ltd. 200 с.
11. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана [Текст]/[Т.Хардер, В.И.Торопова, С.В.Кулагин и др.] – Бишкек, 2010. – 116 с.
12. Стамалиев К.Ы. Урбанизацияланган экосистемалардагы таранчы сымал *(Passeriformes)* канаттуулар [Текст] / К.Ы.Стамалиев, А.М. Абдыкааров // Вестник ОшГУ. Серия естественных наук. № 5. – Ош, - 2014. – С.
13. Стамалиев, К.Ы. Воробьинообразные птицы (Passeriformes) урбанизированных экосистем юга Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. ... канд. биол. наук: 03.02.04 / К.Ы. Стамалиев. – Бишкек, 2014. – 26 с.

14. Стамалиев, К.Ы. Синантропные птицы урбанизированных экосистем юга Кыргызстана [Текст] / К.Ы.Стамалиев // Научный журнал «Фундаментальные исследование». № 11 (часть 5). – Москва, - 2014. – С.
15. Флинт, В.Е. Закономерности формирования орнитофауны городских лесопарков [Текст]: // В.Е. Флинт, А.Л. Тейхман. / Орнитология. – М.: Наука, 1976. – Вып. 12. – С. 41-58.
16. Шарип кызы, Г. Распространение, обитание, поведение и питание воробоpотообразных в Кыргызстане / Г. Шарип кызы, У.А. Турдукулова // Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География. – 2023. – № 1(2). – с. 29-37. – DOI: 10.52754/16948688_2023_1(2)_4. – EDN: VYKDSO.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№1(4)/2024, 107-115

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 633. 7**
**DOI:** 10.52754/16948688_2024_1(4)_14

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ТООЛОРДУН ӨСҮМДҮКТӨРҮН БИЙИКТИК АЛКАКТУУЛУГУ ЖАНА АНЫН ТИПТЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ВЫСОТНАЯ ПОЯСТНОСТЬ ГОРНЫХ РАСТЕНИЙ ЮГА КЫРГЫЗСТАНА И ОСОБЕННОСТИ ЕЕ ТИПОВ

# ALTITUDE ZONE OF MOUNTAIN PLANTS IN THE SOUTH OF KYRGYZSTAN AND FEATURES OF ITS TYPES

**Эргашов Садирали**
*Эргашов Садирали*
*Ergashov Sadirali*

**г.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.г.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Geographical Sciences, Associate Professor, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ТООЛОРДУН ӨСҮМДҮКТӨРҮН БИЙИКТИК АЛКАКТУУЛУГУ ЖАНА АНЫН ТИПТЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Аннотация**

Макалада Кыргызстандын географиясы предметине таандык тоолорундагы өсүмдүктөрдүн алкактуулугу жана аларды сарамжалдуу колдонуу менен өсүмдүктөрдү пайдалануу маселелери каралды. Изилдөөнүн максаты болуп, тоо капталындагы өсүмдүктөрдүн фитогеографиялык өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө саналат. Аймактагы вертикалдык алкактарды үйрөнүүдө системалуу иликтөө методу колдонулду. Кыргызстандын физикалык географиясы предметине таандык Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолорундагы өсүмдүктөрдү типтерге бөлүштүрүү жана фитогеографиялык жактан сарамжалдуу пайдалануу эрежелери такталып, аларды практикада пайдалануу багыты эсепке алынды. Жыйынтыгында тоолордогу өсүмдүктөрдүн типтери боюнча аларды сарамжалдуулуктун негизинде өсүмдүктөрдөн туура пайдалануунун жолдору сунушталды. Материалда изилденүүнүн назариялык жана усулдук негиздерин фитогеография, табигый география предмети жаатында эмгектенген илимпоздордун илимий жана усулдук иштелмелери түздү. Алардын катарына Н.А. Северцов, А.Н. Краснов, С.Н. Коржинский, Б.А. Федченко, И.В. Выходцев, Е.М. Лавренко, С.Я. Соколова өңдүү окумуштуулардын концептуалдык изилдөөлөрү менен тыгыз байланышта аткарылды. Илимий макала аймактын өсүмдүк ресурстарын туура пайдаланууда ар кандай мамлекеттик программаларда жагымдуу натыйжаларын кошо кароого илимий негиз боло алат.

***Ачкыч сөздөр:*** алкак, бийиктик, сарамжалдуу, аймак, каптал, антропоген, тип, сектор, саванна, шалбаа, субальпы, альпы, эфемер.

## *ВЫСОТНАЯ ПОЯСНОСТЬ ГОРНЫХ РАСТЕНИЙ КЫРГЫЗСТАНА И ОСОБЕННОСТИ ЕЕ ТИПОВ*

**Аннотация**

В статье рассмотрены вопросы ареала растений гор, относящихся к предмету географии Кыргызстана и рационального использования растений. Цель исследования – сравнить фитогеографические особенности растений на склонах гор. Исследования – сравнить фитогеографические особенности растений на склонах гор. Для изучения вертикальных структур региона использован метод систематического исследования. Уточнены правила классификации растений гор южного Кыргызстана, относящихся к предмету физической географии Кыргызстана, на типы и рационального использования фитогеографии, а также учтены направления их практического использования. В результате по типам растений в горах были предложены способы правильного использо вания растений, основанные на их хозяйстве.

***Ключевые слова:*** ареал, высота, рациональный, площадь, склон, антропогенный, тип, сектор, саванна, луг, субальпийский, высокогорный, эфемерный.

## *ALTITUDE ZONE OF MOUNTAIN PLANTS IN THE SOUTH KYRGYZSTAN AND FEATURES OF ITS TYPES*

**Abstract**

The article discusses the issues of the range of mountain plants related to the subject of geography of Kyrgyzstan and the rational use of plants. The purpose of the study is to compare the phytogeographical features of plants on mountain slopes. Research - compare the phytogeographical features of plants on mountain slopes. To study the vertical structures of the region, a systematic research method was used. The rules for classifying plants of the mountains of southern Kyrgyzstan, related to the subject of physical geography of Kyrgyzstan, into types and rational use of phytogeography have been clarified, and the directions of their practical use have also been taken into account. As a result, according to the types of plants in the mountains, methods for the proper use of plants based on their management were proposed.

***Keywords:*** area, height, rational, area, slope, anthropogenic, type, sector, savanna, meadow, subalpine, high-mountain, ephemeral.

**Киришүү**

Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолуу, тоо аралык өрөөндөрдө таралган өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактарында фитогеографиялык өзгөчөлүктөр аз изилденген. Акыркы жылдарда тоо капталдарындагы ландшафттар өсүмдүк компоненттери антропогендик факторлордун таасиринин натыйжасында (тоо-кен, казуу, ГЭС, суу сактагычтардын курулушу, айдоо аянттарынын көбөйүп жатышы, ошондой эле мал чарбасынын көбөйүшү ж.б.) терс өзгөрүүлөргө учуроодо. Ошондуктан, өзгөрүлгөн ландшафттардагы өсүмдүктүн ар түрдүүлүгүн кыскаруусу теориялык, практикалык жактан өтө чоң мааниде ээ. Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолурундо өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактуулугу, анын изилдениши менен байланыштуу маселелерди тактоо максаты каралды [11].

Материалда изилденүүнүн назариялык жана усулдук негиздерин фитогеография, табигый география предмети жаатында эмгектенген илимпоздордун илимий жана усулдук иштелмелери түздү. Алардын катарына Н.А. Северцов, А.Н. Краснов, С.Н. Коржинский, Б.А. Федченко, И.В. Выходцев, Е.М. Лавренко, С.Я. Соколова өңдүү окумуштуулардын концептуалдык изилдөөлөрү менен тыгыз байланышта аткарылды. Илимий макала аймактын өсүмдүк ресурстарын туура пайдаланууда ар кандай мамлекеттик программаларда жагымдуу натыйжаларын кошо кароого илимий негиз боло алат. Макалада төмөндөгүдөй изилдөө милдеттери коюлду:

- Өсүмдүктөрдүн тоо капталы боюнча бийиктиктерде айырмаланышын себебин тактоо;
- Кыргызстандын түштүгүндөгү өсүмдүктөрдүн геоботаникалык бөлүнүшүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө;
- Фергана жана Фергана-Алай алкак тибин өсүмдүктөрүн салыштырып үйрөнүү;
- Каптал ландшафттарындагы өсүмдүк алкактарын жайгашуу айырмачылыктарын изилдөө;
- Кыргызстандын түштүгүндөгү өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактарын эки тибин чиймеден карап талдоо.

**Маселенин коюлушу**

Түштүк Кыргызстандагы тоо системасы анын ичинде өсүмдүктөрдүн горизонталдык жана бийиктик боюнча таралышы жалпы климаттык мыйзам ченемдүүлүктөргө, ошондой эле рельеф, антропогендик таасирлер астында өзгөрүлүп таралган. Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолордогу ландшафттарынын ар бир компонентине (рельеф, климат, суулары, топурак, өсүмдүктөр, жаныбарлар) байланыштуу бийиктик алкактары, типтерине мүнөздөмө берилди. Себеби, бул тоо капталын мүнөзүн эске албай туруп, өсүмдүк алкактарын потенциалын аныктоо мүмкүн эмес. Мындай өзгөрүүлөр өсүмдүк ресурстарын туура пайдаланууда ар түрдүү маселе жараткан.

2021-жылдын 16-декабрында БУУнун башкы ассемблеясында Кыргызстандын демилгесин колдогон жана 2022-жылды “Тоолорду өнүктүрүү эл аралык жылы” деп жарыялоону туура табышкан. Ошого байланыштуу Кыргызстандын түштүгүндөгү бийик

тоолордо өсүмдүктөрдүн алкак типтерине маани берилиши зарыл [1]. Өрөөндөрдүн капталдарында жашылдандыруу иштери аткарылат.

Акыркы мезгилде тоолордогу мөңгүлөрдү, өсүмдүк-топурак компоненттерди коргоо, экологиялык мамиле жасоо багытында олуттуу иштер башталганына күбө болуудасыздар. Жыл сайын жергебизде көчөт бактар отургузулуп, жашылдандыруу иштери колго алынууда. Көчөттөрдү отургузууда колго тийгенин эле отургуза бербей, жердин шартына өсүшүнө жараша түшүм берүүчү, чечмелеп айтсак, өрүк, алма, карагат, мисте, ит мурун сыяктуу жапайы шартта өсүүчү, дарычылыгы да бар, органикалык жемиш катары да, кайра пайда келтире турган мөмө дарактарды отургузууга артыкчылыктар берилмекчи [1].

Ошондуктан, түздүктөрдөн айырмаланып тоолуу аймактарда анын ичинде Кыргызстандын тоо капталдарында бийиктик алкактуулук менен өсүмдүктөр таралганын эске алуу менен өсүмдүктөр катмарын тоонун этегинен бийиктикке карай алкактар менен орун алары маанилүү.

Өсүмдүктөрдүн тоо капталы боюнча алкактарда жайгашуусуна температуранын төмөндөшү, рельефтин бийиктиги себепчи болот. Тоо капталында атмосфералык жаан-чачын, абанын нымдуулугу, булуттуулук факторлорун таасири болот. Бул факторлор өсүмдүктөрдүн тоо капталындагы алкак болуп жайгашуусуна себепчи боло алат.

Илимий негизде өсүмдүктөрдүн тоо капталындагы вертикалдык-алкактуулугу тууралуу П.П. Семенов - Тяншанский (1827-1914) изилдеген.

XIX кылымдын башында тоолордун бийиктик алкактары багытында Н.А. Северцов, А.Н. Краснов, С.Н. Коржинский, Б.А. Федченко жана башкалар изилдеген. Совет доорунда Е.П. Коровин, К.В. Станюкович, Р.А. Аболин, М.В. Культиасов, М.Г. Попов, И.В. Выходцев, Е.М. Лавренко, С.Я. Соколова жана башкалардын, өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактуулугун аныктоодо салымдары чоң болгон [2].

Тоолордогу өсүмдүктөрдүн алкактуулук принциби боюнча географиялык – ботаникалык бөлүштүрүүлөр жүргүзүлгөн. Айрыкча, М.Г. Попов (1929) тарабынан тоолордогу 7 «пояс» изилденип, бөлүштүрүлгөн. Анткени, адам баласынын өсүмдүк ресурстарынан жогорудагы алкактуулук мыйзамынын негизинде пайдалануусу алдын ала көрсөтүлгөн.

Тоо өсүмдүктөрүн сарамжалдуу пайдаланууда ботаникалык-географиялык райондоштуруу жүргүзүлгөн. Негизинен, Батыш – Тяншандык провинциясы биз үйрөнүп жаткан Кыргызстандын өрөөндөрүнө таандык. Негизги климаттык фактору жаан-чачындын көптүгү жана аба температурасынын салыштырмалуу жогору болушу мүнөздүү. Кышында жаан-чачындар көбүрөөк болот. Ошого байланыштуу, бул провинцияда субтропика зонасына мүнөздүү болгон өсүмдүктөр таралган. Бирок тоо капталынын бийиктик алкактарга баш ийип жайгашуусу Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолордо өсүмдүктөрдүн алкактардагы типтик жайгашуу өзгөчөлүгүн назариялык жана практикалык мааниси артып барууда. Аны төмөнкү эки тоо кыркаларында көрүү менен өзгөчөлүктөрүн байкасак болот;

Фергана алкак тиби:

- Эухриофиттик шалбаа 3000 метрде таркалып өсөт. Анда жалпак бадалдар, досифора, шилбинин түрлөрү кездешет.
- Тогуз төбөл, көбүргөн, кой жалбырагы, альп жылганы, эдельвейс, доңуз сырт үстөмдүк кылат. Туура эмес пайдалуудан уулуу өсүмдүктөр, көбөйүп, фитоценоздогу өсүмдүктөрдүн түрү азайышы мүмкүн.
- Гемикрафиттик шалбаа өсүмдүктөр өсөт. Анда арча бадал, Фергана аючасы, буудайык, кулунчак карындыз, чие ж.б. өсөт. Аймакта тик каптал жана үшүктүү суук температурада өскөндүгүн эске алуу менен алардан чарбада, аңчылыкта аяр мамиле кылуу зарыл.
- Жогорку токой шалбаа тиби; акчечектүү жана көк карагайлуу токой кеңири таралга, жайыт катары пайдаланууда, аңчылыкта, туристтик максаттарда эрежени сактоо менен колдонуу зарыл.
- Жазы жалбырактуу, жаңгактуу алкак тиби (1000-1300м) тоо капталда, тоо аралык өрөөндө таркалган. Алардын тибинде 34 өсүмдүк түрү кездешет. Мында жаңгак, кара алма, мисте, бадам, алча, алмурут, долоно, карамарт, табылгы, алмурут ж.б. өсөт.
- Жаңгак-мөмө жемиш токойун аянты кыйла кыскарган, себеби плансыз токой кыйуу, зыянкечтердин зыяны, чабанды иш-чаралары, мал жаюу терс таасирлерди тийгизүүдө.
- Эфемер, кылкандуу алкак тиби 900-1300 метрде таралган. Тоо-өрөөндөрү талаа өсүмдүктөрү, тоо-өрөөн шалбаа талаа өсүмдүктөрдүн өкүлдөрү ээлейт. Муздак чөл тибиндеги климаты суук, кургак, шамалдуу болушу менен өзгөчөлөнөт. Анда саман, мала гүл, кнорринг шыбактары үстөмдүк кылат. Акыркы кезде бак өстүрүү, арпа, сулу эгүү ж.б. өстүрүү жана рекреациялык иш-чаралар күчөгөн.
- Мистелүү, жарым бадалдуу алкакта 700-900 м бийиктикте өсүмдүктөр өсөт. Анда жапайы алма, алмурут, аксоктолуу, жылгандуу, брахиноддиумдуу өсүмдүктөрдүн басымдуу болуу өзгөчөлүгү бар. Бул алкакта техногендик таасирлер ылдам таасирин берип, бак тигүү, короолор, жолдор, о.э. туристтик иш-чаралар болуп турат. Өсүмдүк-топурак деградациясы күчөгөндүктөн өсүмдүктөрдү коргоо өзгөчөлүгү күчөтүлүшү зарыл.

Фергана-Алай алкак тиби:

- Криотетроф алкагы 3400-3800м болуп, Алай кара тоолорунун капталдары кирет. Бул алкак тибинде шыбактуу, баялыштуу чөл, буудайыктуу талаа, доңуз сырттуу, тогуз төбөлдүү альп шалбаалары менен өзгөчөлөнөт. Бат-бат согуучу суук шамалдын терс таасирине өсүмдүктүн ыңгайлануусу болуп келген. Кыска мөөнөттүү мал жана топоз багуу мүмкүнчүлүгү бар.
- Криоксерофилдик чөптүү, шалбаа тиби 3200-3600 метрде таралган, Фергана алкак тибинен бир кыйла жогору тилкелерге таралгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Убактылуу жылкы багуу, топоз багууга мүмкүнчүлүк берет.
- Чала чөптүү, арчалуу алкак тиби 2800-3400 метрде орун алган. Анда түрдүү арчалуу токой, шимүүрлүү субальп, доңуз сырттуу чөптүү өсүмдүктөр мүнөздүү.
- Арчалуу, талаа алкак тиби 1800-2900 метрде жайгашкан. Анда сейрек арчалуу токой, аска казтаманы, шалбаалуу талаалар таралгандыгы мүнөдүү.

- Узун бойлуу жарым саванна, бадалдуу талаа 1200-1500 метрде жайгашкан, туран флора, өкүлдөрү, алдынкы азиялык, Жер ортолук деңиздик флора элементтерине таандык өсүмдүк түрлөрүнүн болуусу менен өзгөчөлөнөт.
- Жарым саванна тиби 500-1200 метрде таралып саванна сымал талаалардын өсүмдүктөрү түштүк-чыгыш Фергананын аянттарында таралуу өзгөчөлүгү бар. Кылканатуулар, пияз түптүү клубендүү өсүмдүктөр тобу кездешет. Жогорудагы эки алкак типтерин пайдаланууда, аары багуу жана рекреациялык ресурс катары пайдаланууда геоэкологиялык эрежелерди сактоо менен келечекте пайдалануу зарыл.

Биз үйрөнгөн провинцияда Фергана-Алай тибиндеги 6 алкактуулук райондоштурулган [3]. 1990-жылдан кийин кыргызстандык окумуштуулар тарабынан өсүмдүктөрдүн вертикалдык-алкактык таралышы жана райондоштурулушу колго алынган. Ошого байланыштуу Фергана жана Фергана-Алай тиби боюнча маалыматтарды сүрөттөн тактасак болот (1-сүрөт).




**1-Сүрөт. Кыргызстандын түшдүгүндөгү өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактарын эки тиби.**

**Фергана алкак тиби:** 1 2 3 4 5 6

1 Эухриофиттик шалбаа 3000 м; 2 Гемикрафиттик шалбаа, арча бадал; 3 Жогорку токой шалбаа
4 Жазы жалбырактуу, жангактуу ал. 1000-1300; 5 Эфемер, кылкандуу ал 900-1300
6 Мистелүү, жарым бадалдуу 700-900

**Фергана-Алай алкак тиби** 1 2 3 4 5 6

1 Криоптетроф ал. 3400-3800; 2 Криоксерофилдик чөптүү, шалбаа; 3 Чала чөптүү, арчалуу 2800-3400
4 Арчалуу, талаа ал 1800-2900; 5 Узун бойлуу жарым саланна, бадалдуу талаа 1200-1600
6 Жарым саланна 500-1200

Сүрөттөн көрүнүп тургандай Кыргызстандын түштүгүндөгү тоолуу аймактарында табийгый өсүмдүктөрүн бийиктик алкак боюнча жайгашуусу деңиз деңгээлинен 401 м ден баштап 3500 м ге чеин таркалган. Алсак, Фергана тибиндеги алкактуулук 700 м ден башталып 3000 м ге чейин бийиктикте жайгашкан. Экинчи Ферган-Алай тибиндеги өсүмдүк алкактуулугу 500-1200 м ден башталып 4000 м ге чейинки капталдарда орун алганы көрүнүп турат. Себеби рельефтин ар түрдү бийиктикте тургандыгы, сектордуулуктун таасири астында өсүмдүктөрдүн таралуусунда айырмачылыктар бар.

Тоо капталынын бийиктик алкактар өздөрүн курчап турган аймак менен геологиялык-геоморфологиялык түзүлүшү, рельефинин формасы, топурак жана өсүмдүк катмары жана климаттын шарты боюнча бирдей. Айырмачылыгы жаан-чачындын санынын 50-60 мм ге чейин аз же көп болушу, тоо капталдарында жылуулуктун натыйжасында ташылып келинген тектердин топтолушу, топурак менен гумус катмарынын жука болушу, жайкы жана кышкы температуранын инверциясынын узак убакытка созулушуна байланышат [4].

Өсүмдүктөрдүн типтеринин бийиктикте жайгашуусу боюнча айырмачылыгы, алардын климаттык аралдарга ылайыкташуусунун негизинде, миңдеген жылдар ичинде (5,0миң ж.) берки мезгилде калыптанган. Тоолордон өсүмдүктөрдүн ылайыктанышуусу, тоо тектеринин анчалык чоң эмес аралыкта кескин өзгөрүп турушу менен байланыштуу.

Тоолордун бийиктиктеринин жогорулап же төмөндөп барышынын натыйжасында өсүмдүктөрдүн типтеринин өзгөрүшү жүрүп, өсүмдүктөр алгач аралаш алкактар ирээтинде пайда болуп, узак геологиялык жылда азыркы “кош алкактуулукту” (альпы+субальпы, токой+токойлуу шалбаа, токой талаа ж.б.) калыптандырган. Анда кош алкактуулуктун калыптанышына негизги фактор болуп климат саналат. Өсүмдүктөрдүн өсүү динамикасынын жогорку бийиктиктеги тоолордун климатынын ритмикасы менен дал келиши, нымдуулук режиминин өзгөчөлүгү (бууланунун төмөн болушу), клеткадагы суюктуктагы осмос басымынын жогору болушу саналат [5].

Бийиктик алкактардын төмөнкү баскычында турган чөл, жарым чөл жана кургак талаа аянттарында өсүмдүктөрдүн эфемердик түрлөрү кум-шагалдуу аймакта өсөт. Алсак Алай тизмектеринде, бийиктикте (2800-3900м) токой-шалбаа, субальпы жана альпа типтеги өсүмдүк катмары таралат [6].

Аталган Фергана-Алай тибиндеги өсүмдүктөрдү сарамжалдуу пайдаланып, үйрөнүүнүн негизинде мындан ары ресурстарды илимий негизде туура пайдалануунун практикалык иш-чаралары жүргүзүлөт. Өсүмдүктөрдүн ресурсун пайдаланууда жогорудагы бийиктик багыттагы сарамжалдаштыруу эске алынат.

Анткени, региондогу айыл чарбада жайыттарды пайдаланууда жогорудагы климаттык маалыматтар эске алынат. Жайыттарды туура пайдаланууда малдын саны, жайыттарды сактоонун жолдору илимий негизде үйрөнүлүп, мал багууда пайдаланылат [7].

Биологиялык көп түрдүүлүктүн айрым түрлөрүнүн генофонддору жана экофонддору жок болуунун алдында турат. Мал жайыттарды туура эмес, баш аламандыкта өсүмдүктөрдү пайдалануунун натыйжасында жайыттар жакырданып, пайдасыз формага айланууда [8].

Азыркы кезде Кыргызстандын түштүгүндөгү тоо системасында 700 өсүмдүк түрү мал чарбада жана башка багыттарда пайдаланылууда. Андан сырткары төмөнкүдөй дары чөптөр: аккониттер, бал берүүчү өсүмдүктөр, витаминдерге бай өсүмдүктөр, мисте-жаңгактар, эфир майлуу өсүмдүктөр, боңктор, фитонциддик, декорадивдик өсүмдүктөр пайдаланылат. Токойлордогу биоартүрдүүлүктү сактоодо жана айлана чөйрөнү коргоодо токой фондусунун ролу чоң. Аларды пайдаланууда жогорудагы географиялык-ботаникалык райондоштуруунун негизинде жүргүзүлбөсө опурталдуу жетишсиздиктер, экологиялык-экономикалык зыяндар келип чыгат.

Ошондуктан, региондогу өсүмдүктөрдүн тоолордогу түрлөрүн коргоо менен биоартүрдүүлүктү сактап калуу маселе болууда. Тоо аймактарында 600 га жаңгак-мөмөлүү токойлор корголууда. Аларды жана башка өсүмдүк комплекстерин көптөгөн атайын коргоого алынган аймактар: буйрутмалар, коруктар, улуттук парктар, биосфералык коруктар иш-чараларды аткарышып келет. Кыргызстандын аймактарындагы тоолордо өсүмдүктөрдүн уникалдуу саванналык, субальпылык жана альпылык түрлөрүн коргоо менен биоартүрдүүлүктү келечек муундарга камсыздап берүү милдети турат.

Бул аймактарда жоголуп кетүү коркунучу болгон, сейрек кездешүүчү эндемик өсүмдүктөр о.э. ар түрдүү жаныбарлар корголуп келинүүдө. Андай иш-чаралар келечек муундарга дагы чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет [9].

Жаратылышты коргоо уюмдарынын жаңыча экологиялык багыттагы иш-чараларын аткаруу зарыл.

Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана жана Фергана-Алай алкак тибин өсүмдүктөрүн төмөндөгүдөй жолдор менен пайдалануу сунушталат:

1. Өрөөндөн капталга өтүүчү өсүмдүк типтериндеги жайыттардын аянттык так өлчөмүн алуу менен фермерлерге жайыт участокторун көп жылдык мөөнөткө бекитип берүү;
2. Малды вегетациялык туура мезгилде жаюу, аларды кезектештирип пайдалануу;
3. Ар кандай минералдык жана органикалык жер семирткичтерди чачуу менен тоют өсүмдүктөрдүн (жарым чөл, талаа өсүмдүктөрүн түшүмдүүлүгүн ашыруу).
4. Жайыт өсүмдүктөрүнүн жайында жамгырлатып сугаруунун иш-чараларын колдонуу.
5. Деградацияланган өсүмдүктөрдү калыбына келтирүү менен зыяндуу чөптөргө каршы гербициддерди чагуу керек.
6. Капталдардагы өсүмдүктөр менен байланышса жаныбарлардын түрлөрүнө шартты сактоо зарыл [10].

   Демек, жогорудагы илимий жана практикалык багыттагы иш-чаралардын негизинде өсүмдүк типтерин сактоо менен деградацияга жол бербөө жана биоартүрдүүлүктү коргоп калуу келечек үчүн зарыл.

**Корутунду**

1. Кыргызстандын түштүгүндөгү тоо өсүмдүктөрүнүн вертикалдык-алкактык таралышын изилдөөнүн жаңыча кичи типтери алыкталды.
2. Тоо капталдарында өсүмдүктөрдүн бийиктик алкак типтери Фергана жана Фергана-Алай тоолорундагы алкакта климаты кургак болгону жана 500 метр бийик экени такталды.
3. Фергана жана Фергана-Алай алкагындагы 12 айырмаланган өсүмдүк типтеринин сүрөт-схемасы түзүлдү.
4. Тоо өсүмдүктөрүнүн фитогеографиялык өзгөчөлүгү аныкталды жана анын негизинде өсүмдүктөрдүн баалуу түрлөрүн коргоо, биоартүрдүүлүктү сактоо менен келечекте пайдалануунун экологиялык долбоору зарыл.

**Адабияттар**

1. Жапаров С. Жаңы Кыргызстанды куруунун багыттары. Бишкек “Принт-экспресс”, 2023. 38-39 б.

2. Исмаилов К. Кыргызстандын тоолуу жайыттарын сактоонун жолдору [Текст] / К. Исмаилов. – Ф.: «Кыргызстан», 1990. – 120 б.
3. Ботбаева М.М. Растительный мир Кыргызстана [Текст] / М.М. Ботбаева. Учебник для вузов. – Б.: «Айат», 2007. – 520 с.
4. Матикеев Т.К., Шербаева З.Э. Теңир Тоонун бийиктик алкактарынын калыптануусунда тосмолуулуктун таасири. ОшМУнун жарчысы, 2020. №2. 144-145б.
5. Свешникова В. М., Водный режим растений и почв высокогорных пустынь Памира. – Труды БОТ. ин-а. Тадж. ССР, 1962, стр. 180-190.
6. Тороев А.М., Ландшафты Алайского хребта и их антропогенные модификации: автореф.. дис. канд.геогр.наук. – Бишкек, 2003. С-6-10
7. Алиев М.А. Тоо климаты жана организм [Текст] / М.А. Алиев. – Ф.:1968.-76б.
8. Низамиев А.Г., Култаева А.К. Кыргызстандын түштүк аймагынын табигый - туристтик потенциалын баалоонун геоэкологиялык маселелери. [Текст] А.К. Култаева. – Б.: «Улуу тоолор», 2017. – 168 б.
9. Окружающая среда в Кыргызской Республике 2008 – 2012. – Б.: 2013. -59 с.
10. Кулматов Т., Шакирбеков Д. Жаратылыш жабыркабасын. Ф, “Кыргызстан” 1988. 63-65б.
11. Матикеев, Т. К. Теңир-Тоонун (Тянь-Шань) аймагын секторлорго бөлүү көйгөйү / Т. К. Матикеев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – No. 1-2. – P. 114-122. – DOI: 10.52754/16947452_2021_1_2_114. – EDN: TKHKXC.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№1(4)/2024, 116-125

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 582.521.:581.5**
**DOI:** 10.52754/16948688_2024_1(4)_15

# ҮЧТҮК РЯСКАНЫ (LEMNA TRISULCA L.) БИОИНДИКАТОР КАТАРЫ КОЛДОНУУ

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ РЯСКИ ТРОЙЧАТОЙ (LEMNA TRISULCA L.) КАК БИОИНДИКАТОР

# USE OF TRIFOLIATE DUCKWEED (LEMNA TRISULCA L.) AS A BIOINDICATOR

**Каримов Болотбек Акимович**
*Каримов Болотбек Акимович*
*Karimov Bolotbek Akimovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University*
bolotkarimov@mail.ru
ORCID: 0009-0000-1944-7839

---

**Мирзабдикодирова Шохиста Махаммаджоновна**
*Мирзабдикодирова Шохиста Махаммаджоновна*
*Mirzabdikodirova Shohista Mahammadjonovna*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master student, Osh State University*

---

**Акылбай кызы Нурзада**
*Акылбай кызы Нурзада*
*Akylbay kyzy Nurzada*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master student, Osh State University*

# ҮЧТҮК РЯСКАНЫ (LEMNA TRISULCA (L.) БИОИНДИКАТОР КАТАРЫ КОЛДОНУУ

**Аннотация**

Макалада биотестирлөөдөгү морфологиялык ыкманы колдонуп, металл иондорунун жардамы менен Lemna trisulcaнын биоиндикациялык касиети жөнүндө баяндалат. Ал үчүн: ар кандай концентрациядагы поллютанттардын биометрикалык көрсөткүчтөргө (хлороз, некроз) тийгизген таасирин талданган; металл иондорунун рясканы өлүмгө учуратуучу жана минималдуу (босого) концентрациясы белгиленген; металл иондорунун 0,01; 0,025 жана 0,1 мг/мл концентрациясында ряскaнын тамырларынан бөлүнүшү жана жалбыракчаларынын катмарланышы аныкталган. Lemna trisulca - фитотестер катары, зыяндуу заттардын таасирине сезгич келип, металлдардын 0,001 ден 0,1 мг/мл чейинки концентрациясында реакцияга жөндөмдүү жана биоценоздун компоненттерин булгоочу заттар (поллютантар) менен булгануусун текшерүүдө ийгиликтүү колдонууга болору айтылат. Изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй үчтүк ряскага цинк (Zn) жана темир (Fe) стронцийге (Sr) салыштырмалуу күчтүү уулуу таасир этишет. Дээрлик бардык металлдардын максималдуу концентрациясында (0,1 мг/мл) ряскалар ачык жашыл түсүн жоготушат. Эритмедеги туздун концентрациясынын төмөндөшү менен металлдардын зыяндуу таасирлери начарлайт.

***Ачкыч сөздөр:*** үчтүк ряска (Lemna trisulca), биоиндикация, хлороз, некроз, поллютант.

## *ИСПОЛЬЗОВАНИЕ LEMNA TRISULCA (L.) КАК БИОИНДИКАТОР*

**Аннотация**

В статье описаны биоиндикативные свойства Lemna trisulca к ионам металлов с использованием морфологического метода биотестирования. С этой целью: анализировали влияние различных концентраций загрязняющих веществ на биометрические показатели (хлороз, некроз); установлены летальные и минимальные (пороговые) концентрации ионов металлов; 0,01 ионов металлов; при концентрациях 0,025 и 0,1 мг/мл наблюдалось отделение от корней и отслоение листьев. Lemna trisulca - фитотестер, чувствительный к воздействию вредных веществ, способный реагировать при концентрациях металлов от 0,001 до 0,1 мг/мл, что его можно успешно использовать при тестировании загрязненности компонентов биоценоза загрязняющими веществами. Анализ исследований показывает, что цинк (Zn) и железо (Fe) оказывают более сильное токсическое действие, чем стронций (Sr). При максимальной концентрации (0,1 мг/мл) практически всех металлов ряски теряют ярко-зеленый цвет. По мере уменьшения концентрации соли в растворе вредное воздействие металлов усиливается.

***Ключевые слова:*** ряска тройчатая (Lemna trisulca), биоиндикация, хлороз, некроз, загрязнитель.

## *USE OF LEMNA TRISULCA (L.) AS A BIOINDICATOR*

**Abstract**

The article describes the bioindicative properties of Lemna trisulca to metal ions using the morphological method of biotesting. To this end: the effect of various concentrations of pollutants on biometric parameters (chlorosis, necrosis) was analyzed; lethal and minimum (threshold) concentrations of metal ions were established; 0.01 metal ions; Separation from the roots and leaf detachment were observed at concentrations of 0.025 and 0.1 mg/ml. Lemna trisulca is a phytotester sensitive to the effects of harmful substances, capable of reacting at metal concentrations from 0.001 to 0.1 mg/ml, which can be successfully used in testing the contamination of components of the biocenosis with pollutants. Analysis of studies shows that zinc (Zn) and iron (Fe) have a stronger toxic effect than strontium (Sr). At a maximum concentration (0.1 mg/ml) of almost all metals, duckweed loses its bright green color. As the salt concentration in the solution decreases, the harmful effects of metals increase.

***Keywords:*** triple duckweed (Lemna trisulca), bioindication, chlorosis, necrosis, pollutant.

**Киришүү**

Соңку мезгилде айлана-чөйрөнүн абалын аныктоодо физикалык-химиялык методдор менен бирге эле тирүү организмдердин индикациялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен биологиялык мониторинг жүргүзүү өзгөчө мааниге ээ болууда.

Бир нече жылдан бери топурактын жана суунун саапатын текшерүүдө *Lemnaceae* тукумунун өкүлдөрүн колдонулуп келишүүдө. Ряскаларды биотест катары колдонуудагы негизги артыкчылыгы болуп, алардын көбөйүү ылдамдыгынын тездиги жана морфологиялык түзүлүштөрүнүн жөнөкөйлүгү эсептелишет [1, 2].

Ряскалар эң алгач суунун пестициддер менен булгануусун текшерүү үчүн фитотест катары колдонулган. Ал үчүн: өсүү ылдамдыгы, тамырларынын узундугу жана саны, жалбыракчанын аянты, фотосинтез реакциясы жана башка физиологиялык жана морфологиялык мүнөздөмөлөр сыяктуу көрсөткүчтөр баалоо үчүн колдонулган. Учурда ряскалардын түрлөрүн колдонуп, оор металлдардын, нефть продуктуларынын, радионуклиддердин жана башка айлана-чөйрөнү зыяндуу заттардын уулуулугун аныктоо үчүн биотесттер жүргүзүлүүдө [3, 4].

Агроценоздору зыяндуу заттардын ичинен оор металлдардын туздары өзгөчө орунду ээлейт. Жаратылышта өсүмдүктөрдүн түрлөрү гана эмес, айрым сорттору, атүгүл клондору да белгилүү бир зыяндуу затка сезгичтиги менен айырмаланары баарыбызга маалым. Зыяндуу заттардын жалпы таасиринин натыйжалуулугун аныктоо үчүн атайын биотесттер колдонулуп, анда рясканын өнүп-өрчүү энергиясын, тамырдын өсүш тездигин жана зыяндуу заттын таасири астында өсүмдүктөрдүн сезгичтигин морфометриялык жана биохимиялык параметрлердин өзгөрүү деңгээли аркылуу баалоого болот [5]. Зыяндуу бирикмелерди таасир эттирген соң өсүмдүктөрдүн депрессия деңгээли физиологиялык методдор менен аныкталат.

Айлана-чөйрөнүн булганышына сырткы белгилерин өзгөртүү менен реакция кылган организмдерди колдонуу бир топ артыкчылыктарга ээ. Бул кымбат жана эмгекти талап кылган физикалык-химиялык анализдин методдорун колдонууну бир кыйла кыскартууга же ал тургай жок кылууга мүмкүндүк берет. Биоиндикаторлор булгануунун биологиялык маанилүү таасирлерин бириктиришет. Алар болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн ылдамдыгын, экосистемалардагы ар кандай ууландыргыч заттардын топтолуу жолдорун жана орундарын аныктоого, ошондой эле адамдар үчүн канчалык деңгээлде коркунучтуу экендиги жана конкреттүү заттардын же алардын айкалыштарынын пайдалуу биотасы жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

Учурда суулардын булганышы глобалдык экологиялык мүнөзгө ээ болууда. Суулар булгоочу заттардын негизги "кампаларынын" бири болуп саналат, анткени өндүрүштүк жана тиричилик саркынды суулары көп сандагы уулуу заттарды жана кошулмаларды кармап, алар тирүү организмдерге жана адамдардын ден-соолугуна терс таасирин тийгизишет. Аларга: пестициддер, боектор, жер семирткичтер, оор металлдар, радионуклиддер жана башкалар кирет.

Агроценозду булгоочу заттардын ичинен оор металлдардын туздары өзгөчө орунду ээлейт [6]. Ошондуктан, булгоочу заттардын концентрациясына ряскалардын реакциясынын үйрөнүү менен биотестирлөөдө колдонуу ыкмаларын иштеп чыгуу актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Биздин изилөөнүн максаты биотестирлөөдөгү морфологиялык ыкманы колдонуп, металл иондорунун жардамы менен *Lemna trisulcanын* биоиндикациялык касиетин аныктоо болуп саналат. Ал үчүн: ар кандай концентрациядагы поллютанттардын биометрикалык көрсөткүчтөргө (хлороз, некроз) тийгизген таасирин талдоо; металл иондорунун рясканы өлүмгө учуратуучу жана минималдуу (босого) концентрациясын белгилөө; металл иондорунун 0,01; 0,025 жана 0,1 мг/мл концентрациясында рясканын тамырларынан бөлүнүшүн жана жалбыракчаларынын катмарланышын аныктоо жүргүзүлдү.

**Материалдар жана методдор**

Изилдөөнүн объектиси катары токтоп турган сууларда кездешкен суу өсүмдүгү - үчтүк ряска (*Lemna trisulca* L.), ал эми изилдөө предметтери катары рясканын морфологиялык белгилерине таасир кылуучу металл иондорунун ($Fe^{3+}$, $Zn^{2+}$, $Sr^{2+}$) уулуу касиеттери тандалып алынды.

Бул изилдөө иштин принциби - уулуу заттардын таасирине кабылган учурда ряскада жүргөн морфологиялык өзгөрүүлөрдү (хлороз, жалбыракча бетинин некрозу жана катмарланышы) каттоо, рясканын өлүмүн жана өсүү темпиндеги өзгөрүүлөрдү контролдук группа менен салыштырып аныктоого негизделген.

Рясканын жардамы менен биотестирлөө органдык деңгээлде жүргүзүлдү б.а зыяндуу заттын таасири астында ряска өсүмдүгүнүн морфологиялык нормадан четтөөлөрүн белгиленип, хлороз, саргаруу, жалбырактардын соолушу жана башка конкреттүү реакциялар фиксирленди.

Үчтүк ряска менен иштөөдөгү тажрыйбалык шарттар:

| | |
|---|---|
| Температура | 17-28$^0$С |
| Жарыктын сапаты | Табигый жарык, электролампа |
| Жарыктын интенсивдүүлүгү | 86µE/m$^2$/сек |
| Эритменин саны | 15 мл |
| Тесттелген үчтүк рясканын саны | 200 жалбыракча |
| Тажрыйбанын кайталануусу | 3 жолу |

Тестирлөөдө *Lemma trisulcanын* 7 күндүк өөрчүү цикли үйрөнүлдү. Тажрыйбанын жүрүшүндө текшерилүүчү заттын концентрациясы көрсөтүлгөн эритмелер, ал эми контрол үчүн кадимки азыктык суюктук Петри идиштеринин ар бирине 50 мл ден куюлду. Болжол менен бирдей өлчөмдөгү, дени сак өсүмдүктөр тандалып алынып пинцеттин жардамы менен ар бир идишке 5 даанадан салынды. Тажрыйба 7 күнгө созулду. Тажрыйбанын аягында ар бир идиштеги өсүмдүктөрдүн саны эсептелди. Lemma trisulcanын жалбыракчалары өтө майда болгон учурда лупа колдонулду. Булгандыргычтын таасири астында ряска өсүмдүгүнүн нормадан морфологиялык четтөөсү хлороз, саргайуу, жалбырактардын соолушу жана башка белгилүү реакциялар менен коштолгон. Бул учурда тест-объекттин өсүшү жөнүндө маалыматтарды журналдарга жазып, кайсы өсүмдүктөрдүн түсү өзгөргөндүгүн белгилеп, тамырлардын бар же жок экендигин жазып, өсүмдүктөрдүн жалпы көрүнүшүн сүрөттөдүк.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын талкуусу**

Рыскалар уруусунун түрлөрүнүн ичинен кичи ряска фитотестер катары колдонулушу мүмкүн, анткени ал токсиканттардын, анын ичинде оор металдардын таасирине жогорку

сезгичтиги менен, "экологиялык дрозофила" болуп саналат. Биогендик элементтердин бир кыйла бөлүгүн сиңирүү менен ряска суу объектилеринин эвтрофикация деңгээлин төмөндөтөт, ошондуктан бул өсүмдүктү колдонуп, суу объектилериндеги суунун сапатын контролдоого болот.

Изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй, цинк (Zn) менен темир (Fe) стронцийге (Sr) салыштырмалуу эң күчтүү уулуу таасир берет. Ошондой эле, тажрыйбанын жетинчи күнүндө рясканын денесин түзгөн жалбыракчалардын толук ажырап кетишине стронцийдин себеп болгону аныкталды. Муну менен эле биргеликте, үчтүк рясканын тамырлары стронцийдин 0,1% концентрациясында-30% га, 0,1%да- 70%, ал эми металлдын максималдуу 1,0%да - 100% өсүмдүктөн ажырап түштү.

Тажрыйба көрсөткөндөй, бардык металлдардын ($Fe^{3+}$, $Zn^{2+}$, $Sr^{2+}$) 1,0мг/мл концентрациясында жети күндөн кийин рясканын биометрикалык көрсөткүчтөрү: контролдукка салыштырмалуу стронцийде 10,0%га, цинк менен темирде 26,7% жана 43,3% га төмөндөгөн. Цинк (Zn) менен темир (Fe) эң алгач үчтүк рясканын жалбыракчасынын транспорттук фотосинтезин бузууга жетишет. Мисалы, металлдардын иондорунун 0,001 мг/мл жана 0,1мг/мл концентрациясында жалбыракчалар жашыл түсүн жоготушат, т.а. түссүздөнүшөт. 0,01мг/л дозасында өсүү чекиттеринин аймагында хлорозго ыктоо байкалган.



**1-сүрөт.** $Fe^{3+}$ - 0,01 мг/мл (5-сутка). Жалбыракчалар топтолгон, ачык жашыл. 30% кыйналуу чегинде.



**2-сүрөт.** $Zn^{2+}$ - 0,001 мг/мл (5-сутка). Жалбыракчалар ачык жашыл. 30% өлүшкөн.



**3-сүрөт.** $Sr^{2+}$ - 0,001 мг/мл (5-сутка). Жалбыракчалар ачык жашыл.. 20- 30% өлүшкөн. Жалбыракчанын түсү чекесинен борборду көздөй жоголо баштаган.



**4-сүрөт.** $Fe^{3+}$ - 0,1 мг/мл (2-сутка). Жалбыракчалардын 50% жашыл, 50% түссүз.



**5-сүрөт.** $Zn^{2+}$- 0,1 мг/мл (2-сутка). Жалбыракчалар топтолгон, ачык жашыл.



**6-сүрөт.** $Sr^{2+}$- 0,1 мг/мл (2-сутка). Жалбыракчалар ачык жашыл. 50% өлүшкөн. Ткандардын түссүздөнүшү өткөрүүчү түйүндөрдөн башталат.

Изилденген металлдар уулуу эффектке ээ, бул үчтүк рясканын өсүшүн токтотууга таасирин тийгизет. Цинк жана темир иондорунун бардык концентрациясы өсүмдүктөрдү өлүмгө дуушар кылды. Стронций ионунун 0,01мг/л концентрациясы минималдуу, калгандары өлүмгө алып келген.

Ряска - эркин сүзүүчү гидрофит, ал суудан керектүү азык заттарын алат, андыктан тигил же бул элементтин топтолушунун интенсивдүүлүгү биринчи кезекте бул элементтин суудагы концентрациясына жана айлана-чөйрөнүн pH деңгээлине көз каранды. Цинк, айрыкча темир амфотердик бирикмелер болгондуктан, чөйрөнүн реакциясын нейтралдуу (pH 7) ден күчтүү кислотага (pH 3,5) өткөрүп, биздин шартта ряскатө кошумча стресс пайда кылды. Стронций чөйрөнүн реакциясынын өзгөрүшүнө эч кандай таасир берген эмес.

Ошентип, үчтүк ряска (*Lemma trisulca*) фитотестер катары, ууландыргыч заттардын таасирине жогорку сезгичтиги менен, металлдарга алардын концентрациясында 0,1 ден 1 мг/л чейинки концентрацияда зыяндуу заттар менен реакцияга жөндөмдүү жана биоценоздун компоненттеринин булгануусун текшерүүдө ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн.

Мындан тышкары, биз *Lemma trisulca* L.нин металлдарга болгон реакциясын изилдедик. Тажрыйба оор металлдардын туздарынын суу эритмелери: $ZnSO_4$, $CoSO_4$, $BaCL_2$, $MnCL_2$ менен жүргүзүлдү.

Суу чөйрөлөрүндө оор металлдар үч түрдө: калкыган, коллоиддик жана эриген абалда болот. Жер үстүндөгү суулар менен оор металлдарды ташуу негизинен токтоп турган абалда жүрөт. Топурактын катуу фазасы менен тең салмактуулуктагы суу экстрактындагы оор металлдардын концентрацияланyy деңгээли төмөнкүдөй жооп бере алат: топурактагы металлдар өз алдынча катуу фазалуу бирикмелер түрүндөбү же алар өз-өзүнчө катуу фазаларды түзүшпөйт жаан-чачын, бирок топурактын компоненттеринде адсорбцияланат. Туздардын суу эритмесиндеги биоиндикатордун жүрүм-турумун талдоо ар бир металл боюнча реакцияларды изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Учурдагы ГОСТ 17.4.02 - 83 боюнча биз изилдеген металлдар айлана-чөйрөгө уулуу таасир этүү даражасына ылайык 3 класска бөлүнөт:

1-класс - Zn: 2-класс - Co: 3-класс - Ba, Mn.

Биздин тесттерде ар кандай концентрациядагы: минимумдан (0,001 мг/мл) максимумга чейин (0,1 мг/мл) оор металлдардын туздарынын суудагы эритмелери изилденди. Бул учурда ряскaнын морфологиялык реакциялары изилденип, өсүү коэффициенттерин эсептөө жүргүзүлдү (1-таблица).

Максималдуу концентрацияда (0,1 мг / мл), дээрлик бардык металлдарда, үчтүк ряска ачык жашыл түсүн жоготкон. Жалбыракчаларынын кургашы, кичирейиши, тамырларынын үзүлүп түшүшү жана башка спецификалык реакциялар байкалды, бул өсүмдүктөгү бардык маанилүү функциялардын, анын ичинде фотосинтез процессинин токтолушуна алып келди.

**Таблица 1.** Үчтүк ряськанын (Lemma trisulca L.) оор металлдарга реакциясы.

| Металл | Концен-трация (мг/мл) | Тесттик реакциялар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жалбырακчанын түсү | Жалбырακчанын ажырашы | Жалбырακчанын реакциясы |
| **Zn** | 0,1 | Ачык-жашыл | жүрбөйт | кургабайт |
| **Co** | 0,1 | Ачык-жашыл | жүрбөйт | кургабайт |
| **Ba** | 0,1 | Кочкул күрөң | жүрөт | күчтүү кургабайт |
| **Mn** | 0,1 | сары-жашыл | жүрбөйт | чекелери кургабайт |
| **Zn** | 0,025 | сары-жашыл | жүрбөйт | кургабайт |
| **Co** | 0,025 | Күрөң | жүрөт | кургабайт |
| **Ba** | 0,025 | сары-жашыл | жүрбөйт | соолуп барат |
| **Mn** | 0,025 | сары-жашыл | жүрбөйт | соолуп барат |
| **Zn** | 0,001 | күрөң-жашыл | жүрбөйт | жалбырακчасы бырышат |
| **Co** | 0,001 | Ачык-жашыл | жүрөт | соолуйт |
| **Ba** | 0,001 | Жашыл | жүрбөйт | соолуп барат |
| **Mn** | 0,001 | сары-жашыл | жүрбөйт | азыраак соолуйт |

Эритмедеги туздун концентрациясынын төмөндөшү менен уулуу таасири начарлайт. Бирок, барий (Ва) туздарынын эритмелеринде, минималдуу туз концентрациясы болгондо дагы, ряскаларга чоң зыян келтирилгендиги байкалат, бул алардын эң чоң коркунучтуулугун көрсөтөт (2-таблица).

Эритмедеги Zn тузунун азайышы менен зыяндуу заттардын таасири дээрлик байкалбайт жана эң аз өсүшү байкалат. Концентрация азайганда өсүү темпи жогорулайт.

Тажрыйбалардын соңунда стандарттык статистикалык эсептөөлөрдү жана алынган натыйжаларга талдоолорду жүргүздүк. Бул учурда булганыч эмес шарттарда (контролдук) үчтүк ряскасынын өсүп-өөрчүү процессине салыштырмалуу текшерүүлөр жүргүзүлдү. Тест объектиси менен болгон бардык өзгөрүүлөрдү сүрөттөөнүн мааниси өтө маанилүү, анткени сыналган организм кандай жооп кайтарарын түшүнүү үчүн, контролдук өсүмдүктөрдү карап чыгуу пайдалуу. Эксперименттин башында өсүмдүктөр кандай реакция жасаарын, кийинчерээк эмне болоорун, айрым өсүмдүктөр үчүн реакция жүрөбү же бүтүндөй топ реакция жасайбы-деген максатта тажрыйба жүргүзүү максаттуу болот.

**Таблица 2.** Ряска уруусунун (Lemnaceae) өкүлдөрүн изилдөөнүн натыйжалары (металл туздарынын эритмелери 0,001 мг/мл).

| | Металл | Өсүмдүк саны | Жалпы жалбырακчанын саны | Жабыркаган жалбырακчанын саны | Жабыркаган жалбырακчанын % |
|---|---|---|---|---|---|
| Кичи ряска (*Lemna minor* L.) | | | | | |
| | **Fe** | 15 | 31 | 6 | 19,3 |
| | **Zn** | 15 | 34 | 8 | 23,5 |
| | **Sr** | 15 | 32 | 7 | 21,8 |
| Үчтүк ряска (*Lemma trisulca* L.) | | | | | |
| | **Zn** | 15 | 56 | 10 | 17,8 |
| | **Co** | 15 | 58 | 12 | 22,2 |
| | **Ba** | 15 | 54 | 16 | 29,6 |
| | **Mn** | 15 | 54 | 11 | 20,3 |

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, оор металлдардын туздарынын суудагы эритмелери өсүмдүктөргө аз өлчөмдө болсо дагы өз таасирин тийгизишет. Демек, оор металлдардын туздарынын суу экстракттары менен алынган маалыматтар үчтүк ряска (*Lemma trisulca* L.) белгилүү бир зыяндуу затка биоиндикатор катары өз реакциясын жүргүзө алат деп тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

**Корутунду**

Lemna trisulca - фитотестер катары, зыяндуу заттардын таасирине сезгич келип, металлдардын 0,001 ден 0,1 мг/мл чейинки концентрациясында реакцияга жөндөмдүү жана биоценоздун компоненттерин булгоочу заттар (поллютантар) менен булгануусун текшерүүдө ийгиликтүү колдонууга болот. Изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй үчтүк ряскага цинк (Zn) жана темир (Fe) стронцийге (Sr) салыштырмалуу күчтүү уулуу таасир этишет. Дээрлик бардык металлдардын максималдуу концентрациясында (0,1 мг/мл) ряскалар ачык жашыл түсүн жоготушат. Бул учурда жалбыракчалардын кургашы, бырышып кетиши, тамырларынын ажырашы байкалат, натыйжада бардык маанилүү функциялардын жоголушу менен бирге фотосинтез процессинин токтошуна алып келет. Эритмедеги туздун концентрациясынын төмөндөшү менен металлдардын зыяндуу таасирлери начарлайт. Бирок, барий (Ба) туздарынын минималдуу концентрациясы болгондо дагы, рясканын чоң зыянга учурагандыгы байкалды, бул алардын эң чоң коркунучтуу экендигин айгинелейт.

**Адабияттар**

1. Биоиндикация загрязнения наземных экосистем. / под ред.Р.Шуберта.// М.: Мысль. - 1988. -345с.
2. Цаценко Л.В., Пасхалиди В.Г. Рясковые как модельный объект в биотестировании водной и почвенной среды // Масличные культуры. Научно-технический бюллетень Всероссийского научно-исследовательского института масличных культур. – 2018. – Вып. 4 (176). – С. 146–151.
3. Каримов, Б. А. Вегетативное размножение Ряски малой в условиях Кыргызстана / Б. А. Каримов, А. Ж. Дурсунбаева, А. И. Токтосунова // Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География. – 2022. – № 1. – С. 45-50. – DOI 10.52754/16948688_2022_1_6. – EDN BIIVAU.
4. Кузнецов, В. М. Ряска – биоиндикатор водоема / В. М. Кузнецов, М. М. Саркулов // Материалы международного научного форума обучающихся "Молодежь в науке и творчестве" (8 апреля 2020 г.) : сборник научных статей в 6 ч., Гжель, 08 апреля 2020 года. Том часть 6. – Гжель: ФГБОУ ВО "Гжельский государственный университет", 2020. – С. 250-252. – EDN IBQQBF.
5. Кургаева, А. В. Использование метода биоиндикации с помощью растений семейства рясковых для оценки экологического состояния рек Ульяновской области / А. В. Кургаева, Е. Г. Климентова // Человек, экология, культура: современные практики и проблемы : сборник научных трудов по материалам Международной молодежной научной конференции, Саратов, 10–12 апреля 2014 года. – Саратов: Саратовский

государственный технический университет имени Гагарина Ю.А., 2014. – С. 288-292. – EDN WOOXQP.

6. Зубкова, В. М. Накопление тяжелых металлов (ТМ) ряской малой (Lemna minor) в условиях антропогенного загрязнения реки Ходца / В. М. Зубкова, Ф. Ф. Арсланбекова, Ж. С. Макаханюк // Современная наука: актуальные проблемы теории и практики. Серия: Естественные и технические науки. – 2021. – № 7. – С. 23-28. – DOI 10.37882/2223-2966.2021.07.17. – EDN FIKKTR

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№1(4)/2024, 126-131

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 577.1**
**DOI:** 10.52754/16948688_2024_1(4)_16

# КАРА-СУУ ШААРЫНЫН КИРОВ АЙЫЛЫНЫН ЖАШООЧУЛАРЫНДАГЫ ГАРДНЕРЕЛЛА (GARDNERELLA VAGINALIS) ООРУ КОЗГОГУЧТАРЫ

## ВОЗБУДИТЕЛИ ЗАБОЛЕВАНИЯ ГАРДНЕРЕЛЛЕЗА (GARDNERELLA VAGINALIS) У ЖИТЕЛЕЙ СЕЛА КИРОВА ГОРОДА КАРА-СУУ

## CAUSES OF GARDNERELLA (GARDNERELLA VAGINALIS) IN RESIDENTS OF THE VILLAGE OF KIROV, KARA-SUU CITY

**Молдалиев Жоомарт Тумакович**
*Молдалиев Жоомарт Тумакович*
*Moldaliev Zhoomart Tumakovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University*
joomart77@oshsu.kg
ORCID: 0000-0001-5525-7629

---

**Коңкошева Кызжибек Жээнбаевна**
*Коңкошева Кызжибек Жээнбаевна*
*Konkosheva Kyzzhibek Zheenbaevna*

**магистр, Ош мамлекеттик университети**
*магистр, Ошский государственный университет*
*master student, Osh State University*

# КАРА-СУУ ШААРЫНЫН КИРОВ АЙЫЛЫНЫН ЖАШООЧУЛАРЫНДАГЫ ГАРДНЕРЕЛЛА (GARDNERELLA VAGINALIS) ООРУ КОЗГОГУЧТАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада Кара-Суу шаарына караштуу Киров айылындагы жашоочулардан Герднерелла (gardnerella vaginalis) оору козгогучу менен ооруган адамдар изилденген. Жыйынтыгында гинекологиялык жактан ооруган аялдар, төрөбөгөн аялдар, кош бойлуу аялдар, сойкулук менен алектенгендер гарднереллез оорусуна кабылгандыгы аныкталды. Салыштырмалуу эркек кишилер изилденип оорулуулары такталды. Киров айылындагы оорубаган адамдардын лейкоциттеринин сандык көрсөткүчү 14,1±4,8 түзгөн ал эми (Gardnerella vaginalis) оору козгогучу табылган жарандарда лейкоциттеринин сандык көрсөткүчү 69,1±18,3 түзүп оорулуулар такталды. Оорубаган аялдардын жатын моюунунан алынган мазоктогу лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 18,8±3,6 түзгөн, Гарднереллез оорусу табылган жарандардын мазогундагы лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 80,5±24,8 түзүп оорулуулар аныкталды. Аларга дарылоо иш чаралары сунушталды. Шаардык жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ооруну алдын алуу иш чаралары сунушталган. Ошондой эле жыныстык тарбияны туура түшүнүп, гигиенаны сактоо жана антибиотиктерди өз убагында колдонуу зарылдыгы эскертилди.

***Ачкыч сөздөр:*** микроскоп, лейкоциттер, гарднерелла (gardnerella vaginalis), гарднереллез (бактериялык вагиноз), мазок.

## *ВОЗБУДИТЕЛИ ЗАБОЛЕВАНИЯ ГАРДНЕРЕЛЛЕЗА (GARDNERELLA VAGINALIS) У ЖИТЕЛЕЙ СЕЛА КИРОВА ГОРОДА КАРА-СУУ*

**Аннотация**

В данной статье исследованы лица, инфицированные гарднереллой (gardnerella vaginalis) среди жителей села Киров города Кара-Суу. В результате установлено, что гарднереллой инфицированы женщины с гинекологическими заболеваниями, нерожавшие женщины, беременные женщины и женщины, занимающиеся проституцией. Для сравнений были изучены и мужчины, среди них так де выявлены инфицированные пациенты. Число лейкоцитов у здоровых людей в поселке Киров составило 14,1±4,8, а у граждан, у которых был установлен возбудитель (Gardnerella vaginalis), 69,1±18,3. Им были предложены лечебные меры. Жители города были проинформированы и предложены меры по предотвращению заболевания. Также было указано на необходимость правильно понимать половое воспитание, соблюдать гигиену и вовремя применять антибиотики.

***Ключевые слова:*** микроскоп, лейкоциты, гарднерелла (gardnerella vaginalis), гарднерелла (бактериальный вагиноз), мазок.

## *CAUSES OF GARDNERELLA (GARDNERELLA VAGINALIS) IN RESIDENTS OF THE VILLAGE OF KIROV, KARA-SUU CITY*

**Abstract**

This article examines individuals infected with gardnerella vaginalis among residents of the village of Kirov in the city of Kara-Suu. As a result, it was found that women with gynecological diseases, nulliparous women, pregnant women and women engaged in prostitution are infected with gardnerella. For comparisons, men were also studied, and infected patients were also identified among them. The number of leukocytes in healthy people in the village of Kirov was 14.1±4.8, and in citizens who had the pathogen (Gardnerella vaginalis) identified, it was 69.1±18.3. They were offered therapeutic measures. City residents were informed and measures to prevent the disease were proposed. The need to properly understand sex education, maintain hygiene and use antibiotics on time was also highlighted.

***Keywords:*** microscope, leukocytes, gardnerella vaginalis, gardnerella (bacterial vaginosis), smear.

**Киришүү**

Гарднереллез (бактериялык вагиноз) оорусунун өнүгүүсүнүн эндогендик себептери: гормоналдык, иммунологиялык реактивдүүлүгүнүн азаюусу, ичегинин микробиоценозунун бузулуусу. Экзогендик таасирлерден: антибактериалдык терапия, заара жолдорунда сезгенүүсү, гормоналдык каражаттарды жана иммунодепрессанттарды (организм үчүн чоочун заттарды гормон ж.б.) колдонгонуу болуп эсептелет.

Учурда бактериялардын морфологиясы жана биохимиялык өзгөчөлүктөрү боюнча түрлөрдү генетикалык метод аркылуу аныктоого мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Бактериялык вагинозду козгоочу бактериялардын ичинен Atopobium vaginae көбүрөөк көнүл бурулуп келүүдө. Atopobium vaginae түрүн үйрөнүүдө бактериянын үч белгилүү таксономиясын аныкташкан (Lactobacillus minutus (Haudurov.1937), Streptococcus parvilus (Weinberg.1937), Lactobacillus rimae (Olsen.1991).

Кийинки изилдөөдө Atopobium ооз көндөйүндө да табылган. Микробиолог Родригос Ховите биринчилерден болуп аялдардын жыныс жолунда бул бактериянын бар экенин аныктаган (Am. J. Obstet. Gynecol. 1993), (Кира Е.Ф.2001) [1,2]. Михаел Ферис 22 оору аялдын 21 нен жана 24 оорубаган аялдын бирөөнөн бактериалык вагиноздун Gardnerella vaginalis козгогучун тапкан. “Гарднереллез” оорусунун козгогучу Gardnerella vaginalis боюнча США, Канада жана Бельгия мамлекеттеринде көптөгөн макалалар жарыкка чыккан [3,4].

“Гарднереллез” оорусу организмдеги негизги физиологиялык, биохимиялык процесстердин метаболиттик жолдорунун нормалдуу жүрүшүнө терс таасирин тийгизип, алардын өзгөрүүлөрүнө алып келет. Ошондуктан бул же тигил патологиялык өзгөрүүлөрдү аныктоо жана изилдөө актуалдуу.

**Изилдөөнүн максаты:** Кара-Суу шаарына караштуу Киров айылындагы гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучун алып жүрүүчү жарандарды изилдөө.

**Материалдар жана методдор**

Изилдөөлөр Кара-Суу үй бүлөөлүк медицина борборунун кеңеш берүү бөлүмүнүн серологиялык лабораториясында жана ОшМУнун Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин 212 биохимиялык лабораториясында жүргүзүлдү. “Кара-Суу шаарынын Киров айылындагы “Гарднереллез” оорусу менен ооруган бейтап 30 жаш курагы 18-50 жаштагы жана салыштырууга 30 ден соолугу чың адам жалпы (60) айыл жашоочуларына серологиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Изилдөө үчүн дени сак адамдардан жана бейтаптардан спиртик ичимдик ичпеген, эки саат туалетке барбай заарасын топтоп, таза даараттан соң, кындан таза стерилдүү айнекчеге мазок алынды. Алынган мазокту атайын методика боюнча боёго метилен көк боегунун спирттеги эритмеси колдонулду жана микроскоптук изилдөө жүргүзүлдү.

Жыйынтыгында микроорганизмдердин жайгашуусу жана морфологиясы анализденди. Сүрөттөрү тартылып алынды. Лейкоциттердин санына статистикалык эсеп жүргүзүлдү [5].

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын талкуусу**

Белгилүү болгондой жыныс органдарынын микробиоценозу өзгөрүлгөндө оору күчөйт. Лактобактериялардын азаюусунан же жоктугунан пептострептококкилер (peptostreptococcus), микоплазмалар (mollicutes), мобилункус (mobiluncus) ж.б анаэробдордун көбөйгөндүгү байкалат [3].

Gardnerella vaginalis оору козгогучунун морфологиясы метилен көк боегунун жардамында боеолуп микроскоптон аныкталган. Серологиялык изилдөөдө уретрадагы жана жатындын моюнундагы гарднерелланын микроскоптон көрүнүшү жана лейкоциттердин сандык көрсөткүчтөрү эсептелинип такталды.

Биздин сурамжылоого катышкандардын 84% генекологиялык жактан ооруган аялдар, төрөбөгөн аялдар, кош бойлуу аялдар, сойку кыздар. “Герднереллез” оорусу менен көпчүлүк учурда аялдар ооругандыгы белгилүү болду. Эркек кишилер 16% түзүп, сурамжылоо учурунда оорунун билбей тургандыгын айтышкан, бирок мазогунда бар экендиги изилдөөдө далилденди. “Гарднереллез” оорусу менен ооруган аял эркектердин проценттик көрсөткүчү 1-сүрөттө көрсөтүлдү. Гарднереллез адамдын организминде лактобациллдердин төмөндөшүнөн улам анаэробдук микроорганизмдердин көбөйүүсү менен мүнөздөлүүчү оору.




**1-сүрөт. “**Герднереллез” оорусу менен ооруган аял эркектердин проценттик көрсөткүчү.

Серологиялык изилдөөлөрдө уретрадагы жана жатындын моюнундагы гарднерелланын микроскоптон көрүнүшү (2-3-сүрөттөрдө) жана лейкоциттердин сандык (4-5-сүрөттөрдө) көрсөткүчтөрү көрсөтүлдү.

Ошентип, “Кара-Суу шаарынын Киров айылындагы “Гарднереллез” оорусу менен ооруган жарандардын мазокторунан гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучу изилденди. Ал оорубаган жарандарга салыштырылды. Айыл жашоочуларынын серологиялык изилдөөлөрүнөн оорулуулар аныкталып, такталды.

Серологиялык изилдөөдө эркектердин уретрасынан ал эми аялдардын уретра жана жатын моюнунан алынган мазоктордон Гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогуч табылды. Оорубаган дени  сак жарандардын мазогунда микроскоптон бир  көрүнүштө 2-3 даана (2-сүрөт) гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучун көрсөк ал эми гарднереллез оорусу табылган жарандардын мазогундагы Gardnerella vaginalis оору козгогучу төмөндөгү 2-3-сүрөттө көрүнүп тургандай жыш абалда экенин белгилөөгө болот.




**2-сүрөт.** Аялдардагы Гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучунун микроскоптон көрүнүшү.




**3-сүрөт.** Эркек кишилердеги Гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучунун микроскоптон көрүнүшү.

Бир эле мезгилде аялдардын уретрасындагы жатын моюнундагы лейкоциттердин сандык көрсөткүчтөрү да изилденди. Киров айылындагы “Гарднереллез” оорусу менен оорубаган жарандардын уретрасында лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 14,1±4,8, ал эми уретрасында гарднерелла табылган жарандарда лейкоциттердин саны 69,1±18,3 болгон.




**4-сүрөт.** Киров айылында оорубаган жана “Гердиереллез” оорусу менен ооруган оорулуулардын уретрасындагы лейкоциттердин сандык көрсөткүчтөрү.




**5-сүрөт.** Киров айылында оорубаган жана “Гердиереллез” оорусу менен ооруган оорулуулардын жатынынын моюнунундагы лейкоциттердин сандык көрсөткүчтөрү.

Дени сак оорубаган аялдардын жатын моюнунда лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 18,8±3,6 болгон. Гарднерелла табылган аялдарда лейкоциттердин саны 80,5±24,8 түздү. Ошентип Кара-Суу шаарына караштуу Киров айылында “Герднереллез” оорусу менен ооруган жарандар аныкталды. Алар 4-5-сүрөттөрдө көрсөтүлдү.

“Герднереллез” оорусунун аялдарда көп кездешүүсүнүн себептери түрдүү болушу мүмкүн, ошондой болсо да заара чыгаруу жана жыныс органдардын морфологиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу деп болжолдоого болот. “Герднереллез” оорусунун эркектерде аз кездешүүсүнүн себеби гарднерелла (Gardnerella vaginalis) оору козгогучу заара чыгаруучу каналдардан жуулуп чыгуусу мүмкүн.

Жыныстык партнерду бат баттан алмаштырууда, жатын ичине кирүүчү контрацептивтер (спираль, бойго болтурбоочу дары каражаттары колдонгондо, заара, жыныс жолдорунун

сезгенүүсүнөн келип чыккан, физиологиялык оору биохимиялык процесстердин метаболиттик жолдорунун жүрүшүнө таасирин тийгизет жана имунитеттин төмөндөөсүнө алып келет [4]. Кош бойлуу аялдардын ден соолугу начарлап боюнан түшүп калуусуда кездешет. Ошондуктан жыныстык тарбияны туура түшүнүп, гигиенаны сактоо жана антибиотиктерди өз убагында колдонуу зарыл.

**Корутунду**

Сурамжылоонун жыйынтыгында гинекологиялык жактан ооруган аялдар, төрөбөгөн аялдар, кош бойлуу аялдар, көпчүлүк учурда сойку кыздар (84%), гарднереллез оорусуна кабылгандыгы аныкталды. Салыштырмалуу эркек кишилерге сурамжылоо учурунда билбей тургандыгын айтышкан бирок мазогунда такталып 16% түзгөндүгү аныкталды.

Киров айылындагы оорубаган адамдардын лейкоциттеринин сандык көрсөткүчү 14,1±4,8 түзгөн ал эми (Gardnerella vaginalis) оору козгогучу табылган жарандарда лейкоциттеринин сандык көрсөткүчү 69,1±18,3 түзүп оорулуулар такталды. Оорубаган аялдардын жатын моюунунан алынган мазоктогу лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 18,8±3,6 түзгөн, Гарднереллез оорусу табылган жарандардын мазогундагы лейкоциттердин сандык көрсөткүчү 80,5±24,8 түзүп оорулуулар аныкталды. Аларга дарылоо иш чаралары сунушталды.

**Адабияттар**

1. Кира Е.Ф. (2001) Бактериальный вагиноз. СПб.: Нева-Люкс, 2001. - 364с.
2. Hill G.B. (1993) The microbiology of bacterial vaginosis. Am. J. Obstet. Gynecol. 1993; 169: 450.
3. Дмитриев Г.А. (1999) Проблемы лабораторной диагностики бактериального вагиноза. Структурная организация Gardnerella vaginalis / Дмитриев Г.А., Брагина Е.Е., Макарова JI.H. и др. // Вестн. дерматол. венерол. 1999. - № 6. - С. 4-8.
4. Management of balanitis (Guideline Development Group;British Association for Sexual)( 2001)Jan; 47(1):
5. Практическое руководство по лабораторной диагностике сифилиса, гонорей и хламидиоза для всех уровней здравоохранения (Кыргызской республики МЗ КР №143 от 07.04.11 г).

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№1(4)/2024, 132-137

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 582.26**
**DOI:** 10.52754/16948688_2024_1(4)_17

# ФЛОРА ВОДОРОСЛЕЙ НЕКОТОРЫХ ПРИТОКОВ РЕКИ ЧАТКАЛ НА ТЕРРИТОРИИ БЕШ-АРАЛЬСКОГО ЗАПОВЕДНИКА

БЕШ-АРАЛ КОРУГУНУН ТЕРРИТОРИЯСЫНДАГЫ ЧАТКАЛ ДАРЫЯСЫНЫН АЙРЫМ КУЙМАЛАРЫНЫН БАЛЫР ФЛОРАСЫ

ALGAE FLORA OF SOME TRIBUTARIES OF THE CHATKAL RIVER ON THE TERRITORY OF THE BESH-ARAL RESERVE

**Моомбеков Сапарбек Топчубекович**
*Моомбеков Сапарбек Топчубекович*
*Moombekov Saparbek Topchybekovich*

**преподаватель, Ошский государственный университет**
*окутуучу, Ош мамлекеттик университети*
*Lecturer, Osh State University*

# ФЛОРА ВОДОРОСЛЕЙ НЕКОТОРЫХ ПРИТОКОВ РЕКИ ЧАТКАЛ НА ТЕРРИТОРИИ БЕШ-АРАЛЬСКОГО ЗАПОВЕДНИКА

**Аннотация**

В данной статье изложены результаты исследования альгофлоры притоков р. Чаткал, где обнаружено 71 видов водорослей относящихся 4 классам. Флористические исследование водорослей для горных и высокогорных водоемов Кыргызской Республики являются актуальными. Камеральную обработку проб производили в 2 приема. Сначала определяли сине-зелёные, зеленые, жёлто-зелёные, золотистые, динофитовые, красные. Редкие и новые для Кыргызстана виды при определении зарисовывали аппаратом РА-6 и фото насадкой. Прозрачность воды устанавливали дискам Секки. Величину pH определяли наборам индикаторов по Михалэису и универсальным индикатором. Видовую принадлежность водорослей определяли с помощью микроскопа МБИ-3 и Olumpus. Изучение их флоры водорослей позволяет расширить представление о редких, уникальных и ценных видах этих растений, выявить закономерности их распределения, наметить пути наиболее рационального использования.

***Ключевые слова:*** флора, растительность, скорость течения, прозрачность воды, бентос, доминируюшие виды, холодноводные, эпифитные виды.

## *БЕШ-АРАЛ КОРУГУНУН ТЕРРИТОРИЯСЫНДАГЫ ЧАТКАЛ ДАРЫЯСЫНЫН АЙРЫМ КУЙМАЛАРЫНЫН БАЛЫР ФЛОРАСЫ*

**Аннотация**

Бул макалада дарыянын куймаларынын балыр флорасын изилдөөнүн натыйжалары берилген. Чаткалда 4 класска кирген балырлардын 71 түрү табылган. Кыргыз Республикасынын тоолуу жана альп суу сактагычтары үчүн балырларды флористикалык изилдөө актуалдуу. Үлгүлөрдү кеңседе иштетүү 2 этап менен жүргүзүлдү. Алгач көк-жашыл, жашыл, сары-жашыл, алтын, динофит, кызыл түстөр аныкталган. Идентификациялоонун жүрүшүндө РА-6 аппаратынын жана фото тиркеменин жардамы менен Кыргызстан үчүн сейрек кездешүүчү жана жаңы түрлөрдүн эскизи тартылган. Суунун тунуктугу Secchi дисктеринин жардамы менен аныкталган. pH мааниси Mihalais боюнча индикаторлордун топтомдору жана универсалдуу индикатордун жардамы менен аныкталган. Балырлардын түрлөрү MBI-3 жана Olumpus микроскопунун жардамы менен аныкталган. Алардын балыр флорасын изилдөө бул өсүмдүктөрдүн сейрек кездешүүчү, уникалдуу жана баалуу түрлөрү жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө, алардын таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого жана эң сарамжалдуу пайдалануу жолдорун аныктоого мүмкүндүк берет.

***Ачкыч сөздөр:*** флора, өсүмдүктөр, агымдын ылдамдыгы, суунун тунуктугу, бентос, басымдуу түрлөр, муздак суу, эпифиттик түрлөр.

## *ALGAE FLORA OF SOME TRIBUTARIES OF THE CHATKAL RIVER ON THE TERRITORY OF THE BESH-ARAL RESERVE*

**Abstract**

This article presents the results of a study of the algal flora of the tributaries of the Chatkal river where 71 species of algae belonging to 4 classes were found. Floristic studies of algae for mountain and alpine reservoirs of the Kyrgyz Republic are relevant. Office processing of samples was carried out in 2 steps. First, blue-green, green, yellow-green, golden, dinophyte, and red were determined. During identification, rare and new species for Kyrgyzstan were sketched using a RA-6 apparatus and a photo attachment. The transparency of the water was determined using Secchi disks. The pH value was determined using sets of indicators according to Mihalais and a universal indicator. The species of algae was determined using an MBI-3 and Olumpus microscope. The study of their algae flora allows us to expand our understanding of rare, unique and valuable species of these plants, identify patterns of their distribution, and outline ways for the most rational use.

***Keywords:*** flora, vegetation, flow speed, water transparency, benthos, dominant species, cold-water, epiphytic species.

## Введение

Альгологические исследования на этапе рыночной экономики имеют большое значение в решении ряда народнохозяйственных задач, но у нас в Кыргызстане в отличие от покрытосеменных растений исследованы крайне, недостаточно. Научные, научно – популярные учебно-методические литературы в большинстве случаев обходят эту группу растений, хотя они обладают многогранно полезными и ценными признаками. Особенно актуальны флористические исследование водорослей для горных и высокогорных водоемов Кыргызской Республики. Изучение их флоры водорослей позволяет расширить представление о редких, уникальных и ценных видах этих растений, выявить закономерности их распределения, наметить пути наиболее рационального использования [4; 5].

Несмотря на это многие водемы Юга Кыргызстана, в том числе флора водорослей водоемов Беш-Аральского заповедника до сего времени никем не изучалась.

## Материал и методы исследования

Материалом для настоящей работы послужили пробы водорослей, отобранные в водоемах Беш-Аралского заповедника в период исследований в 20017-2022 гг. За время исследований были собраны и обработаны более 100 проб водорослей

Для установления видового состава альгофлоры применяли 13 выпусков определителей пресноводных водорослей (Голлербах и др. 1953; Попова 1955; Забелина и др 1960; Дедусенко –Щеголова и др, 1962; Царенко, 1990). Пользовались монографиями отечественных и зарубежных авторов

(Комаренко, Васильева, 1875,1978; Ветрова 1986; Музафаров, Эргашев, Халилов, 1987, 1988; Кулумбаева 1982; Каримова 2002).

Камеральную обработку проб производили в 2 приема. Сначала определяли синезеленые, зеленые, желтозеленые, золотистые, динофитовые, красные. Редкие и новые для Кыргызстана виды при определении зарисовывали аппаратом РА-6 и фотонасадкой.

Прозрачность воды устанавливали дискам Секки.

Величину рН определяли наборам индикаторов по Михалэису и универсальным индикатором. Видовую принадлежность водорослей опредляли с помощью микроскопа МБИ-3 и Olumpus.

## Результаты и обсуждения

Речка Испара один из небольших притоков р. Чаткал. Она берет начало из ледников, длина около 8км. В нижнем течении по берегу р. Испара встречаются, тугайниковые заросли, состоящие из тополей, березы, шиповника и облепихи. В отдельных местах тянутся сазы, покрытые хвощами, зелеными мхами, водяными сосенками, осокой и др.

Ширина реки здесь составляет от 2-6м при глубине от 30см-1м. Дно покрыто песком и крупными камнями. Температура воды равна (28.07.22) в $13^{00}$ч. 6-$8^{0}$С, при температуре воздуха 20-$25^{0}$С.

Летом на подводных камнях хорошо развиваются Hydrurus foetidus, Ulothrix zonata, Spirogyra, Zygnema и масса диатомовых водорослей Synedra goulardii, Gomphonema constrictum, G. parvuium, Nitzschia kuetzingiana, Melosira varians, и др.

Осенью по берегам ручьев наблюдаются зеленые нитчатки (виды родов Oedogonium, Spirogyra), среди них встречаются единичные экземпляры Cosmarium laeve, Oedogonium sp. В конце осени количество зеленых видов резко снижается, появляются холодноводные формы, а зимой остаются только диатомовые- Didymosphenia geninata и виды родов Nitzschia, Navicula и Fragilaria, кроме них часто встречались колонии Hydrurus foetidus. Весной вместе с зелеными водорослями единично попадались синезеленые водоросли, как Ocsillatoria amoena, O. brevis, представители рода Phormidium [1].

Таким образом, в р. Испара обнаружено 42 вида и разновидностей водорослей, относящихся к 4 систематическим категориям (золотистых 1, синезеленых 13, диатомовых 22, зеленых 6).

Речка Баястан-Сай является притоком р. Терс. Протекает по крутому склону и имеет в основном ледниково-снеговое питание. Длина более 10 км, ширина 3-7м, глубина 40-60см, дно устлано мелкими и крупными камнями. Местами встречаются нагромождения камней. Вода переливается через них в виде водопада. Берега сплошь покрыты зарослями травянистых и кустарниковых растений. Вода в верховьях кристально чистая, холодная (в 12ч. 24.07.22), ее температура равна $7^0$С, при температуре воздуха 18-$20^0$С.

В этих местах в основном встречаются холодноводные североальпийские виды - Hydrurus foetidus, Ulothrix zonata и многочисленные виды диатомовых водорослей, как Didymosphenia geminata, Ceratoneis arcus, Eunotia arcus, Meridion circulare, Diatoma hiemale, D. hiemale var. mesodon, Achnanthes kriophyla [2,3].

В устьях, р. Баястан-Сай, где впадает в р. Терс альгофлора намного отличается. В этих местах на поверхности подводных камней и перифитонах развивались зеленые нитчатки из родов Spirogyra, Zygnema, Mougeotia и среди них встречались многочисленные синезеленые и диатомовые водоросли, как Osiillatoria agardhii, O. amplubia, O. amoena, O. brevis, Nostoc palydosum, N. verricosum, Calothrix gypsophyla, C. stellaris, Diatoma elongatum var. tenue, D. vulgare, Fragillaria capucina, F. crotonensis, F. intermedia, Cocconeis pediculus, C. placentula, Navicula cari, N. cryptocephala, Pinnularia gibba, P. microstauron, Nitschia denticula, N. gracilis и др.

В течение всего периода исследования, типичные планктонные формы не встречались, попадались только формы обрастания и бентоса (створки диатомовых, обрывки нитчаток), что объясняется мелководностью и большой скоростью течения воды.

В результате исследования, в данном водоеме обнаружено 71 видов и разновидностей водорослей, относящихся к 4 отделам (синезеленых-13, золотистых-1, диатомовых-45, зеленых-12).

Речка Найза-Каинди-Сай является одним из притоков р. Чаткал Протяженность 27км. Каинди-Сай питается она в основном грунтовыми водами, а в период таяния снегов имеет и снеговое питание. По берегам произрастают тополя, березы, шиповник, облепиха, спиреи и др. В отдельных местах тянутся сазы, покрытые зелеными хвощами, мхами, водяными сосенками, осокой и др.

Ширина реки составляет от 1,5-5м, при глубине от 30см-1м. дно покрыто песком и крупными камнями. Температура ее равно (28.07.22. в. $13^{00}$ч.) 6-$8^0$С при температуре воздуха 20-$25^0$С.

